# КИТЕБИМ КУРАНДЫ ҮЙРӨНӨМ



ТҮРКИЯ РЕСПУБЛИКАСЫ ДИН ИШТЕРИ БАШКАРМАЛЫГЫНЫН ЧЫГАРМАЛАРЫ

# КИТЕБИМ КУРАНДЫ ҮЙРӨНӨМ





**Түркия Республикасы Дин иштери**
**башкармалыгынын чыгармалары: 641**
**Балдар китептери: 163**

**КИТЕБИМ КУРАНДЫ ҮЙРӨНӨМ**

**Координатор**
Д-р. Өмер Менекше

**Жазган**
Осман Өзбагче

**Сүрөттөрдү тарткан**
Дагыстан Четинкая

**Түрк тилинен которгон**
Нургүл Молдалиева

**Редактору**
Майрамбек Орозобаев

**Графика**
Нургүл Молдалиева

**Акыркы беттеги жазуу**
Сезаи Каракочтун *Сүтун* аттуу китебинен

**Дин иштери жогорку кеңешинин чечими**
01.09.2005 /142

**2008-06-Y-0003- 641**
ISBN 975-19-3791-4

**Басмакана**
Başak Matbaacılık
(0312) 384 27 61

**© Дин иштери башкармалыгы**
**Диний жарыялар бөлүм башчылыгы**

**Байланыш дареги**
Eskişehir yolu 9. km. Çankaya / Ankara
Tel. : 0 (312) 295 72 94
Faks : 0 (312) 284 72 88
www.diyanet.gov.tr
diniyayinlar@diyanet.gov.tr

# АЛГЫ СӨЗ

Саламатсыңарбы балдар!

Кудуреттүү Алла тааланын бизди бейпилдик, бак-таалай жана туура жолго жеткирүү үчүн сүйүктүү пайгамбарыбызга жиберген ыйык китеби Куранды окуп түшүнүү– бардыгыбыздын эң башкы милдетибиз. Анын куттуу чакырыгына кулак төшөп, аны түшүнүүгө тийишпиз.

Ыйык Куранды жакшылап таанып билбей туруп аны түшүнүшүбүз абдан кыйын. Ошондуктан бул китепчеде ыйык Курандын кандай китеп экендигин, анын ичинде эмнелердин камтылганын, адамдарды жана коомдорду кандайча өзгөрткөнүн, дүйнөлүк жана акыреттик жашоого чачкан нурун, пайгамбарлардын үлгүлүү иш-аракеттерин силерге түшүндүрүүгө аракет кылдык.

Ыйык Куран алды менен бизге жаратуучубузду таанытат. Анын ааламды, анын ичиндеги жан-бүткөндүн бардыгын жана адам баласын кандайча жаратканын түшүндүрөт. Раббибизге кандайча дуба окуп, кандайча ибадат кылышыбыз керек экендигин үйрөтөт. Бизге дүйнөдөгү жакшылыктарды, сулуулуктарды көрсөтүү менен бирге эле жамандык жана ыпыластыктардан да оолак болушубузду насаат кылат. Ал бизге өзүбүздү тааныштырат. Үй-бүлөбүздүн, коомчулугубуздун, бардык адамзаттын жана башка жандуулардын алдындагы милдеттерибизди эскертет.

Ыйык китебибизге ишенип, анын буйруктарына моюн сунсак, анда биз чыныгы бакытка жетебиз.

Жаратканыбыз бизди абдан сүйөт. Андыктан азирети Мухаммедди (сас) бизге жол көрсөтүүчү катары жөнөттү. Ага ыйык китебибизди үйрөттү. Ал болсо үйрөнгөндөрүн биз менен бөлүштү.

Сүйүктүү балдар!

Ыйык китебибиз Куранды окуп түшүнүшүңөр үчүн сунулган бул китепче силерге жагат го деген үмүттөбүз. Бул китепче аркылуу силерге ыйык китебибизди таанытууга жана анын ичиндеги чындыктын керемет сырларын, сулуулуктарын түшүндүрүүгө аракет кылдык.

Ыйык китебибизди окуйлу жана окуган сайын жандүйнөбүз жаңылансын. Анан бардыгыбыз биргелешип бир жакшы дүйнө жараталы.

Силер биздин келечегибизсиңер, биз силерди сүйөбүз.

**ТҮРКИЯ РЕСПУБЛИКАСЫ ДИН ИШТЕРИ БАШКАРМАЛЫГЫ**

# КИТЕБИМ КУРАНДЫ ҮЙРӨНӨМ

ТҮРКИЯ РЕСПУБЛИКАСЫ ДИН ИШТЕРИ БАШКАРМАЛЫГЫНЫН ЧЫГАРМАЛАРЫ

АНКАРА
2008

# *Мазмуну*

I. БӨЛҮМ

**ЖАРАТЫЛГАНДАРДЫН ЭҢ УЛУУСУ - АДАМ**

- Күтүлгөн конок 9
- Күн күнүгө эртең менен биз үчүн чыгат 10
- Дүйнөдөгү жашоо – сапар тартуу 11
- Бардык нерсе бизге аманат кылынган 12
- Дин – бакыттын жолу 13
- Азирети Адамдан азирети Мухаммедге 14
- Ыйык китептер 15
- Ыйык Куран 16

ОКУЙЛУ: ААРЫ ӨЗҮНҮН АТЫ МЕНЕН ТҮШҮРҮЛГӨН СҮРӨ ТУУРАЛУУ ТҮШҮНДҮРӨТ 18

II. БӨЛҮМ

**КИТЕБИБИЗ МЕНЕН ТААНЫШАЛЫ**

- Бир периште келип, ага “Оку!” деп айтты 21
- Китебибиз – эң сонун сапаттарга ээ 21
- Аяттар жаңы ачылган гүл сымал бирин-бири улап келди 22
- Ар бир иштин башы бисмилла 24
- Сүрөлөрдүн аттары 24
- Ыйык Курандан сүрөлөр 25
- Жүздөр 26
- Сөз учат, жазуу калат 26
- Куран булбулдары – капыздар 28
- Катым – ыйык Куранды башынан аягына чейин окуу 29
- Кат – Стамбул, хаттат – Стамбул 29
- Ыйык Куранды кырааты менен окуу 30
- Таасир берген китеп 31
- Ыйык Куран ачык айтып, ак сүйлөйт 31
- Ал – адам уулун караңгылыктан чыгарган китеп 32

ОКУЙЛУ: КУМУРСКА ӨЗҮНҮН АТЫ МЕНЕН ТҮШКӨН СҮРӨ ТУУРАЛУУ АЙТАТ 34

III. БӨЛҮМ

**ЫЙЫК КУРАНДА ЭМНЕЛЕР БАР?**

- Ыйык Курандын негизги темалары 39
- Ыйык Куран бизге ыймандын негиздерин үйрөтөт 41
- Ыйык Куран бизге ибадаттарыбызды үйрөтөт 42
- Ыйык Куран бизге дуба окуганды үйрөтөт 43
- Ыйык Куран бизге адеп-ахлактуу болууну үйрөтөт 44
- Ыйык Куран бизге адал менен арамды, жакшы менен жаманды, туура менен жаңылышыкты айрып билүүнү үйрөтөт 45
- Ыйык Куран үй-бүлөлүк жашоого маани берет 46
- Ыйык Куран бизге жакшы көрүүнү үйрөтөт 46
- Ыйык Курандан балдарга үгүт-насааттар 51

ОКУЙЛУ: ЖӨРГӨМҮШ ӨЗ ЫСМЫ МЕНЕН АТАЛГАН СҮРӨ ТУУРАЛУУ БАЯН КЫЛАТ 53

IV. БӨЛҮМ

**ПАЙГАМБАРЛАР БАЯНЫ**

- Алгачкы адам – алгачкы пайгамбар 57
- Нухтун кемеси 62
- От ичинде гүл бакча 64
- Жусуп 70
- Суудагы бир бөбөк – азирети Муса 73
- Темир уста – азирети Дөөтү пайгамбар 77
- Ымыркайында сүйлөгөн Мариям уулу Ыйса 78


ت
و
ن
ظ

БИРИНЧИ БӨЛҮМ

# ЖАРАТЫЛГАНДАРДЫН ЭҢ УЛУУСУ – АДАМ

## *Күтүлгөн конок*

Дүйнөбүз көп жылдарга созулган процесстен өтүп, алыстан келүүчү кандайдыр бир сырдуу конок үчүн даярданып жатты.

Жер шары күн системасындагы өз огуна жайгаштырылды. Өзүнүн огунда да, күндүн айланасында да айлануусун улантты.

Жердин өз огунда жана өз жолундагы айлануу ылдамдыгы келүүчү конокторунун жашоосун камсыз кыла ала турган өлчөмдө эле. Жер шарынын өз огунда айланышы күн менен түндү пайда кылса, күндүн айланасында айланышы жыл мезгилдеринин пайда болушуна шарт түздү.

Жер менен күндүн ортосундагы аралык да өлчөнгөн эле. Күнгө өтө жакын болгондо жердин үстүндөгү бардык нерсе күйүп күлгө айланмак. Ал эми бул аралык абдан алыс болгон болсо, анда бардык нерсе музга айланып тоңуп калмак.

Ошондой эле, ал жай сырттан келиши мүмкүн болгон ар кандай коркунучтарга карата кандайдыр бир керемет коргоо системасы болгон коюу аба катмары менен курчатылган болчу.

Мунун баары ошол күтүлгөн коноктун убактылуу жашоосундагы жайы болуш үчүн жаратылган эле.

*Чындыгында Биз адамды эң жагымдуу көрүнүштө - келбетте жараттык.*

(Тийн сүрөсү, 4-аят)

❖ ❖ ❖

*Биз адамга кан тамырынан да жакыныраакпыз.*

(Каф сүрөсү, 16-аят)

❖ ❖ ❖

*Силер каерде болсоңор Ал силер менен бирге.*

(Хадид сүрөсү, 4-аят)

*Албетте, асмандар менен жердин жаралуусунда, түн менен күндүн алмашып туруусунда, адамдарга пайдалуу нерселерди алып жүргөн кемелердин деңизде сүзүшүндө, Алла тарабынан асмандан түшүрүлүп жансыз жерди тирилткен суудa, бардык жандууну жер жүзүнө жаратып жайып жиберишинде, шамалдын жана асман менен жердин ортосундагы булуттардын башкарылуусунда акыл жүгүртө билген адамдар үчүн Алланын бар жана бирөө экендигине ачык аян-белгилер бар.*

(Бакара сүрөсү, 164-аят)

Бул жай ушунчалык кооз сулуулуктар менен курчалган дейсиң, булардын баарын бирден санап чыгууга Алла тааладан башка эч кимдин чамасы жетпестир.

Ал жайда келе турган коноктун зарылдыктарына жооп бере турган бардык нерсе ийне-жибине чейин ойлонулуп, эч бир кемчилик жок эле.

Ошентип бардык нерсе даяр болгондон кийин, акыры күткөн мезгил да келип жетти.

Күтүлгөн конок жаратылды. Анан бул керемет сарайына түшүрүлдү. Ал тышкы көрүнүшү жагынан абдан сулуу эле. Берки жан-жаныбарлардан башкача болчу.

Акылдуу жана эрктүү эле. Бардык нерсени туюп билген сезимге ээ болчу. Ойлонгонду билчү, сүйлөй да алчу.

Андыктан, Жаратуучу бул конокко абдан жогору баа берер эле. Себеби, аны абдан сүйчү.

## Күн күнүгө эртең менен биз үчүн чыгат

Ааламдын бир гана жаратуучусу бар. Ал – Алла таала. Адеп башталганда Алла тааладан башка эч нерсе жок болчу. Алла таала ааламды, планеталарды, жылдыздарды, айды жана күндү жараткан. Анан да жараткандарынын бардыгына жашоо берген.

Алла таала бул дүйнөнү биз үчүн жаратты. Аны тоолор, өрөөндөр, деңиздер жана дарыялар менен курчады. Шамалды, топуракты, сууну жана абаны жаратты. Жарыкты, өң-түстү жана добуш-үндү жаратты. Деги эле табият эненин койнундагы жан бүткөндүн бардыгын: өсүмдүктөрдү, канаттуу-куштарды, курт-кумурскаларды, гүлдөрдү, токойдогу түркүн-түрдүү мөмөлүү-мөмөсүз бак-дарактарды жаратты. Түркүн-түстүү көрүнгөн гүлдөр менен өсүмдүктөрдү, жайкалган жап-жашыл шиберлерди жаратты. Курт-кумурскадан баштап пилге чейинки бүткүл жаныбарларды жаратты.

Кай бирөөнү бутсуз, кай бирөөнү төрт буттуу, кай бирөөнү көп буттуу жаратты. Куштарга көктө кайкып учсун деп канат берди. Балыктарга сууда ойноп сүзсүн деп ага ылайык табият, адат берди. Аарыларга бал жасоону үйрөттү. Дүйнөдө эмне жаратылышы керек болсо, бардыгын биз үчүн жаратты.

### *Бардык нерсе Ал “Бол!” дегендиктен болду*

Күн сайын эртең менен күн биз үчүн чыгат. Таң биз үчүн агарат. Суулар биз үчүн агат, гүлдөр жыл сайын жазында биз үчүн гүл ачат, куштар биз үчүн кубулжутуп ыр ырдашат. Булардын бардыгы биз үчүн. Анткени Алла таала бизди абдан сүйөт. Сүйгөндүгү үчүн бизди мынчалык көп кадырлаган Алла таалага канчалык рахмат айтсак да аздык кылат.

Түрдүү-түрдүү өсүмдүктөр, түркүн-түстүү гүлдөр, түрдүү даамдуу мөмө-жемиштер. Булардын ар биринин өзүнчө сулуулугу, өзүнчө бир өзгөчөлүгү бар. Чындыгында, дүйнөнүн кооздуктарын толук аңдап-билүүгө табияттын алдында алсыздык кыларыбызды сезебиз.

Карагылачы, жашаган дүйнөбүз кандай сонун, кандай гана керемет. Ал эми адам андан да сонун. Мынчалык керемет бир дүйнө, андан да керемет болгон бир жандуунун жашоосу үчүн сунулуптур. Көрсө, Алла таала адамды жандуулардын эң кереmeти жана эң улуусу кылып жараткан экен.

Биз, бизди жоктон бар кылган, бизге кол-бут, кулак-көз берген, бизди бир эне, бир атадан жараткан Алла таалага ишенебиз. Анткени, Ал бар жана жалгыз. Бардык нерсени өзү жалгыз жана эч ким,дин жардамына муктаж болбостон жаратыптыр. Алла таала туулган эмес жана Аны эч ким тууган да эмес. Анын баласы жок. Буга муктаж да эмес. Биз булардын бардыгын, тактап айтканда, Алла тааланын бар экендигин жана жалгыздыгын, жардамчысы болбогондугун жана ааламдын жалгыз жаратуучусу экенин пайгамбарыбыздан жана ыйык китебибиз Курандан үйрөнөбүз.

*Кандайдыр бир нерсени жаратууну каалаган убакта, бир гана “Бол!” дейт, ал нерсе да дароо болот (жаралат).*

(Йасин сүрөсү, 82-аят)

❖ ❖ ❖

*Алланын жараткандарынан эч ким кандайдыр бир өөн таба албайт.*

(Мүлк сүрөсү, 3-аят)

## *Дүйнөдөгү жашоо – сапар тартуу*

Дүйнөгө келүү адам уулунун сапарга чыгышындагы алгачкы кадамы болуп эсептелет. Адам баласы өмүр жолунда кадам сайын илгерилейт. Кадам сайын чоңоёт, өсөт, карыйт. Анан убагы келгенде өлөт, бул дүйнөдөгү өмүр жолу аяктайт. Адамдын башка жандуулардан айырмаланган эң башкы өзгөчөлүгү–Алла тааланын өзүнө берген акыл көрөңгөсү менен келечек жашоосуна багыт бериши. Ошондой болсо да, ал акыл деген мынчалык улуу касиетке ээ болгонуна карабастан бул дүйнөдө өз эркинче коюлган жан эмес. Адам, дүйнөдөгү бул сапарында тек гана акылынын жол көрсөтүүсү менен чыныгы бак-таалайга жете албайт. Анын бул дүйнөдө бир жол көрсөтүүчүгө зарылдыгы бар. Анткени бул дүйнө ошол эле мезгилде бир сыноо жайы болуп саналат.

*Ал түн менен күндүздү, күн менен айды силердин кызматыңарга сунду. Анын буйругу менен бардык жылдыздар силердин кызматыңарга сунулду. Албетте, буларда акыл жүгүртө билген бир коом үчүн аяттулгулөр бар.*

(Нахл сүрөсү, 12-аят)

Дүйнө жашоосунда туура жолду көрсөткөндөр болгондой эле туура жолдон чыгаргандар да бар. Алла тааланын буйруктарына каршы болгон шайтан адамдарды дайыма туура жолдон чыгарууга аракет кылат. Шайтан адамдардын бактылуу жана бакубат жашоолоруна тоскоол болуу үчүн болгон бардык айла-амалдарды колдонот. Алардын акылын баштарынан алып, жамандыктарды жакшы көрсөтөт жана аларды туура жолдон чыгарып, терс иштерди жасоого кызыктырат. Ушундан улам Алла таала адамдарды абдан сүйгөндүктөн жана алардын жамандыктардан алыс болушун каалаганы үчүн пайгамбарлар жөнөтөт. Пайгамбарлар да чыныгы бакыттын жолу болгон Алла тааланын динин адамдарга үйрөтөт. Эгерде адамдар пайгамбарлардын үгүт-насааттарына кулак беришсе, бактылуу болуп жашашат. Ал эми шайтандын аларга карата жасаган айла-амалдарына алданышса, бул дүйнөдө жана тигил дүйнө жашоосу болгон акыретте абдан терең кайгыга кабылышат.

## Бардык нерсе бизге аманат кылынган

Алла таала бизди жана керемettүү бул дүйнөнү бекеринен жараткан эмес. Адамдарга айрым жоопкерчиликтерди жүктөгөн. Бардык нерсе, атап айтканда, бул дүйнө, жан-жаныбарлар жана өмүрүбүз бизге аманат берилген.



Алла таала бизге ошол жоопкерчиликтерибизди орундатыш үчүн акыл-эс, ойлонуу жана сүйлөө жөндөмүн берген. Дагы жакшы дүйнөдө жашоо үчүн адилеттүүлүк жана боорукердик сезимин да ыроологон.

Дүйнөбүздө биздикиндей эле жаны болгон көптөгөн жан-жаныбарлар жашайт. Канаттуу-куштардын, курт-кумурскалардын, сан-түркүн өсүмдүктөрдүн, түркүн-түстүү гүлдөрдүн да өздөрүнө тиешелүү жашоосу бар. Биздин жашообузга окшобосо да, алардын жашоосу да биздики сыяктуу эле бир жашоо, жандары да биздикиндей эле жан болуп саналат. Алсак, биз эч бир жандууга зыян келтирбегенге аракет кылабыз. Анткени, алар бизге аманат кылынган. Андыктан биз үчүн жаратылган башка жандуулар-



*Албетте, Алланын алдындагы чыныгы дин – Ислам дини.*

(Аали имран сүрөсү, 19-аят)

❖ ❖ ❖

*Асмандарда жана жердеги бардык жандуу Аллага тийиштүү жана бардыгы Ага моюн сунат.*

(Рум сүрөсү, 26-аят)

ды ааламдын табигый тең салмактуулугуна доо кетирбестен Алла тааланын койгон ченемдерине жараша пайдаланабыз.

## Дин – бакыттын жолу

Бизди эң жакшы Жаратканыбыз билет. Анткени, Ал – биздин жаратуучубуз. Ал бизди сүйөт, биз да Аны жана Анын жараткандарын сүйөбүз. Кандай кылсак бактылуу, кандай кылсак бактысыз болорубузду Ал баарыбыздан жакшы билет. Алла таала дүйнөдө биздин бактысыз болушубузду эч качан каалабайт. Андыктан, жамандык жана ыпыластыктардан сактанып, бактылуу жана бакубат жашашыбыз үчүн бизге пайгамбарларды жөнөткөн. Пайгамбарлар биз сыяктуу эле кишилерден болушкан. Бирок Алла таала аларды адамдардын арасынан тандайт. Аларды өзгөчө бир этияттык менен коргоп, үйрөтөт жана өстүрөт. Алар эр көкүрөк, эмгекчил, туура сөздүү, ишенимдүү жана тайманбас адамдар болушат. Бизге Алла тааланын динин үйрөтүшөт. Дин биздин бактылуу болушубузду камсыз кылган жашоо билими дегенди түшүндүрөт. Адамдын эң алгач жаратуучусу менен, андан кийин өзү жана чөйрөсү менен түшүнүшүп, бактылуу жашашынын жолун дин көрсөтөт.

*Алла ар бир коомчулукка бир пайгамбар жиберген.*
(Юнус сүрөсү, 47-аят)

***Ыйык Куранда ысмы өткөн пайгамбарлар:***
*Азирети Адам*
*Азирети Идирис*
*Азирети Нух*
*Азирети Худ*
*Азирети Салих*
*Азирети Ибрагим*
*Азирети Лут*
*Азирети Исмайил*
*Азирети Искак*
*Азирети Жакып*
*Азирети Жусуп*
*Азирети Эййүп*
*Азирети Шуайб*
*Азирети Муса*
*Азирети Харун*
*Азирети Доот*
*Азирети Сулайман*
*Азирети Ильяс*
*Азирети Элйеса*
*Азирети Жунус*
*Азирети Зүлкифл*
*Азирети Зекерия*
*Азирети Яхя*
*Азирети Иса*
*Азирети Мухаммед (сас)*

## Азирети Адамдан азирети Мухаммедге

Алла таала адамдарды өз алдынча таштап койгон жок, аларга пайгамбарларды жөнөттү. Алсак, азирети Адам, өзү жер жүзүнө түшүрүлгөн алгачкы адам жана ошону менен бирге эле алгачкы пайгамбар да болуп саналат. Ал – бардык адамдардын атасы Бардык адамдар азирети Адамдын тукумунан келген. Бардыгыбыз азирети Адамдын балдарыбыз. Ушул себептен адамдарга жалпы жонунан адам баласы деп да айтылат. Азирети Адамдан азирети Мухаммедге чейин көптөгөн пайгамбар келген. Пайгамбарыбыз азирети Мухаммед (сас) – Алла тарабынан жиберилген эң акыркы пайгамбар. Алла таала мындан кийин пайгамбар жибербейт.

Биз пайгамбарлардын баарына ишенебиз. Пайгамбарлардын бардыгын өзүбүздүн пайгамбарыбыз сыяктуу сүйөбүз. Анткени, аларды да Алла таала жөнөткөн. Бардыгы тең адамдарга туура нерселерди түшүндүрүшкөн. Алардын милдети – адамдарга туура жолду көрсөтүү. Алла таала бирөө болгондуктан адамдарга ар түрдүү мезгилдерде, пайгамбарлар аркылуу жиберген дини да бирөө гана. Ушул себептен Алла тааладан келген бардык диндерди Ислам, бардык пайгамбарларды Ислам пайгамбары деп айтабыз.

Адамдар тарыхта өздөрүнө үйрөтүлгөн динди мезгилдин өтүшү менен өзгөртүшкөн. Алла тааланын жиберген кайсы гана пайгамбары болбосун өз учурунда коомго динди туура түшүндүргөн. Бирок адамдар, ал пайгамбардын өлүмүнөн белгилүү бир убакыт өткөндөн кийин Алла таала жиберген динге өздөрүнүн айрым ишеним жана ой-пикирлерин кошушкан. Ушундайча Алла тааланын жөнөткөн дини бурмаланган. Ушул себептен Алла таала адамдарды эскертүү үчүн жаңы бир пайгамбар жөнөткөн. Бул көрүнүш пайгамбарыбыз азирети Мухаммедге чейинки көптөгөн доорлор боюнча ушундайча уланып жүрүп отурган.

Негизинен Алла таала жиберген бардык диндер бирдей. Бирок адамдарга жакшы жана бакубат турмушта жашашы үчүн сунулган диндин өзөктүү маңызы өзгөргөндө, адамдар бараткан багытынан тайып, чыныгы бак-таалайга жете албай калышат. Натыйжада, адамдар Алла тааланын ыроологон дин жолунан адашкан болушат. Алла таала адамдар жашоо чындыгынан

алыстап калышпасын деп жаңы пайгамбарлар жиберип, жакшылыкка үндөп, туура жолду көрсөткөн.

Ал эми динибиз Ислам – жогорудагыдай көрүнүштөргө дуушар болбогон, б.а. адамдар тарабынан бурмаланбаган жалгыз дин. Анткени биздин динибиздин жоболору ыйык китебибиз Куранда жазылган. Ыйык Куран болсо бүгүнкү күнгө чейин эч кандай өзгөрүүгө учураган эмес.

Эми ыйык китептер жөнүндө кыскача маалымат алалы.

*Булардан сырткары ыйык Куранда сөз кылынган Үзейир, Улукман жана Зулкарнайн аттуу үч кишинин пайгамбар болуп болбогондугу так эмес.*

## *Ыйык китептер*

Пайгамбарлар Алла таала менен биздин ортобузда салынган көпүрөлөр катары каралат. Пайгамбарлар Алла тааланын сөздөрүн бизге жеткирген анык элчилер болушкан. Алла таала тарабынан пайгамбарларына жиберилген маалыматтар вахий (аян) деп айтылат. Вахий Алла таaладан келген кабар, Алла тааланын сөздөрү дегенди түшүндүрөт. Алла тааланын сөздөрү жыйналып жазылган китептер ыйык китептер делет. Булар – Алла тааланын адамдарга туура жолду көрсөтүшү үчүн тандаган пайгамбарларына жиберген маалыматтары жыйналган китептер.

Алла таала айрым пайгамбарларга китеп, айрымдарына болсо бир нече барактан турган китепчелер жөнөткөн.

Бүгүнкү күндө дүйнөдө Алла таала тарабынан жиберилгендиги белгиленген 4 чоң китеп бар. Булар: Тоорат, Забур, Инжил жана китебибиз Куран. Тоорат менен Забур жөөттөрдүн, Инжил христиандардын, Куран болсо биздин китебибиз. Курандан мурун түшүрүлгөн китептерге ишенген адамдарга ехли китап (китепке ишенгендер) деп айтылат.

### *Тоорат*

Тоорат – азирети Мусага жиберилген жөөттөрдүн ыйык китеби. Баарыбызга белгилүү эң байыркы ыйык китеп. Жөөт – бир диндин, ошондой эле ошол динге ишенген бир улуттун аты. Ошондуктан Жөөт – жөөт болгондордун гана дини. Азирети Мусага жиберилген Тоораттын түп нускасы сакталган эмес. Тоорат деп топтолгон диний маалыматтар мезгил менен адамдар тарабынан бурмаланган.



*Албетте, бул Куранды Биз түшүрдүк жана албетте, анын сактоочусу да Бизбиз.*

(Хижр сүрөсү, 9-аят)

### *Забур*

Забур – азирети Дөөтүгө (Давут) жиберилген жөөттөрдүн Тоораттан кийинки экинчи ыйык китеби. Ушул күндө Тоораттын бир бөлүмү катары орун алган. Алгачкы жолу качан китеп түрүнө келтирилгени так белгилүү эмес. Забур мезмур деп аталган бөлүмдөрдөн турат. Ичинде кандайдыр бир буйрук, же тыюу салуулар жок. Ыр түрүндө жазылган бир үгүт-насаат китеби.

### *Инжил*

Инжил – азирети Ыйсага жиберилген христиандардын ыйык китеби. Азирети Ыйсанын көзү тирүүсүндө жазылган эмес. Азирети Ыйсадан кийин көптөгөн дин аалымдары өздөрүнө жараша ар кимиси өз алдынча Инжил жазышкан жана булар бир жерге топтолуп ондолуп түзөлтүлгөн эмес. Ар кимиси өзүнүн колундагы Инжилди туура деп кабылдаган жана ага ишенген. Бул башаламандык тарыхта дайыма христиандардын арасында диний ишенимдери боюнча өз ара келишпестиктерге себеп болуу менен бирге эле көпчүлүк мезгилде кандуу согуштарга да жол ачкан. Христиан дин кызматкерлери бул башаламандыкты жоюп, китептин өзгөрүлгүс бүтүндүгүн камсыз кылуу үчүн азирети Ыйсанын туулушунан 325 жыл өткөндөн кийин Изникте чоң жыйналыш өткөрүшкөн. Бир нече күнгө созулган өзара талкуулоолордон кийин китептердин саны төрткө түшүрүлгөн. Бүгүнкү күндөгү Инжил мына ушул төрт китептин бириктирилишинен келип чыккан.

## *Ыйык Куран*

Ыйык Куран – туура жолду табышы үчүн Алла таала тарабынан адамдарга түшүрүлгөн эң акыркы китеп. Андан кийин башка ыйык китеп келбейт. Анын алып келген жоболору кыяматка чейин өз күчүн жоготпойт.

Ыйык Курандын башка ыйык китептерден болгон эң негизги айырмасы– пайгамбарыбыздын көзүнүн тирүүсүндө жазылышы. Мындан сырткары пайгамбарыбыз өз кезегинде көптөгөн кишиге өзүнө келген аяттарды жаттаткан. Бул салт ошол күндөн ушул күнгө чейин уланып келген жана мындан кийин да улана бермекчи. Ыйык Куран пайгамбарыбыз дүйнөдөн кайтканда мусулмандардын колунда жазылуу түрдө болгон. Ал эми Тоорат азирети Мусанын өлүмүнөн 700 жыл өткөндөн кийин, Инжил

болсо азирети Ыйсадан 100-150 жыл кийин жазылып китеп түрүнө келтирилген.

Ыйык Куран кандайдыр бир улут үчүн же кандайдыр бир утурумдук мезгил үчүн эмес, бүткүл адамзат үчүн түшүрүлгөн. Кудуреттүү Алла таала ыйык китебибиз Куранды кыяматка чейин жеке өзү тарабынан корголо турганын билдирген. Ушул себептен анын кайсы бир тамгасын да өзгөртүүгө болбойт жана аны эч ким өзгөртө албайт. Анткени ал – Алла таала тарабынан коргоого алынган бир китеп.

Адам ыйык Куранда Алла тааланын чийген жолунан чыкпай илгерилесе, анын сүйүүсүнө арзыйт. Алла таала чексиз сүйүүнүн жана сүйүлүүнүн ээси. Адам уулун жана ааламды сүйүүсү менен жараткан жана жүрөгүбүздү сүйүү түнөгүнө айланткан да – Ал. Ойлоп көрсөңөр, бул дүйнөдө жердин жана көк жүзүнүн, билгендерибиздин жана билбегендерибиздин, бардык нерсенин жаратуучусу болгон кудуреттүү Раббибиздин сүйүүсүнө ээ болуудан ашкан чоң сыйлык барбы? Чынында эле, биз сүйүү цивилизациянын сүймөнчүктүү балдарыбыз.

*Мени жараткан жана мага туура жолду көрсөткөн Ал – Өзү. Мага ичирип-жедирген Ал – Өзү. Ооруп сыркоолонгонумда шыпаа берген да Ал – Өзү.*

(Шуараа сүрөсү, 78, 79, 80-аяттар)



*Раббиң бал аарыга “Тоолорго, дарактарга жана адамдар курган үйлөргө өзүңө уюк салгын, андан кийин мөмөлөрдүн ар биринен жегин жана Раббиң жеңил-ыңгайлуу кылып койгон жолдордон жүргүн!” – деп буйрук кылды. Алардын кардынан түркүн түстүү бал чыгат. Мында адамдар үчүн шыпаа бар. Ой жүгүртө билген коомчулук үчүн бул чоң сабак.*

(Нахл сүрөсү, 68, 69-аяттар)

# ОКУЙЛУ...

## ААРЫ ӨЗҮНҮН АТЫ МЕНЕН ТҮШҮРҮЛГӨН СҮРӨ ТУУРАЛУУ ТҮШҮНДҮРӨТ

Мен кичинекей бир аарымын. Алла таала жараткан мына бул чопчоң дүйнөнүн ичиндеги миллиондогон, миллиарддаган жандуунун эң кичинекейлеринин бирөөсүмүн.

Кудуреттүү Алла таала адамдарга жиберген акыркы ыйык китебинде мага өзгөчө орун жана маани берип, мен жөнүндө сөз кылган. Азирети Мухаммед (с.а.с.) да Алла тааланын буйругу менен ыйык Курандагы бир сүрөгө менин атымды ыйгарган. Муну укканда абдан бактылуу болдум.

Бул сүрөдө кудуреттүү Алла мага кандайча уюк жасаарымды, кандайча уюк торчолорун токурумду, миңдеген чакырым алыстыкта болсо да, жолумдан адашпастан барып, эң сонун жыпар жыттуу гүлдөрдөн бал маңызын алып, кандайча бал жасаарымды үйрөттү.

Биз да бул буйрукка баш ийип, абдан мыкты бир геометриялык план жана математикалык өлчөмдөр менен кыймылдайбыз. Алгач алты бурчтук түрүндөгү бал клеткаларынан түзүлгөн укмуштуудай бир архитектуралык керемет болгон бал торчосун токуйбуз. Андан кийин көп эмгек жумшап түркүн-түстүү гүлдөрдөн алган өсүмдүктөрдүн маңыздарын өз организмибизде миңдеген амал-аракеттерибиз менен балга айлантабыз. Андан кийин бул балды бал торчолорубуздун ар бир көзүнө этияттык менен толтурабыз. Бул ишти башка аары боордошторубуз менен биргелешип, эч жаңылбастан бар күчүбүздү жумшоо менен ишке ашырабыз.

Раббибиз бизге үйрөткөндөн бери таттуу десең таттуу, ошол эле мезгилде дарычылык касиети да болгон балды жасоо үчүн эч тыным албастан эмгектенебиз. Акыр кыяматка чейин да ушул калыбыбыздан жазбай иштей бермекчибиз.

Жаратканыбыз башкаларга бизди үлгү көрсөтүп, эч бир нерсени жөн эле жаратпаганын, эч бир заттын маанисиз жана кадыр-барксыз эмес экендигин түшүндүрөт. Бак-дарактарга, канаттуу-куштарга, түркүн-түстүү гүлдөргө, күркүрөп аккан дарыя-сууларга, асмандын алыстан жанган ак шамдары болгон жылдыздарга карап чексиз күч жана кудуреттин өзүнө гана таандык болгондугун түшүнүшүбүздү каалайт. Бардыгыбызды бул кереметтүү дүйнөнүн тендешсиз тең салмактуулугун бузбастан бардык жандуулардын багын ача турган иштер күтүп турат. Муну эч убакта эсибизден чыгарбайлы. Силер да мын-



дан ары буларды кызыгуу менен иликтейсиңер жана аарыларды көргөн сайын менин бул сөздөрүмдү эстейсиңер го деп ойлойм.

Ал эми силер эмнелер боюнча Алла таалага баш ийишиңер керек? Бул тууралуу ойлондуңарбы? Ал үчүн алгач ыйык Куранды көп-көп окушуңар керек. Менин ысмым ыйгарылган бул сүрөдө да көптөгөн темалар орун алган. Келгиле, анда бул сүрөгө бир көз жүгүртүп көрөлү.

Чындыгында, баарыңар эле менин атымдан аталган сүрөнүн кандай экенине кызыгып жатсаңар керек? Андай болсо, дароо түшүндүрүп берейин. Нахл сүрөсүнө менин ысмым берилген. Нахл деген сөз бал аарысы дегенди билдирет. Бул сүрө– ыйык Курандын 16-сүрөсү.

Нахл сүрөсүндө 128 аят бар. Бул аяттарда жерлердин, көктөрдүн жана булардын арасындагы бардык заттардын ажайып сулуулуктары, бири-бири менен болгон өз ара ырааттуу байланыш-катыштары жана адамдарга кызмат кылышкандыгы түшүндүрүлөт.

Адамдардын ушулардын бардыгы тууралуу ой жоруп, Алла тааланы акыл менен таанып-билүүлөрүнө жана Ага ибадат кылууларына көңүл бурат. Ал эми Аны тангандардын акыры кандай болорун баяндап келип, ыйык Курандын түшүрүлүү максатына, адамдагы акыл-эс ырыскысын кандайча колдонуу керектигине жана ой жүгүртүүнүн маанисине токтолот.

Кыскасы ыйман, тануу, адилеттүүлүк, ойлонуу, акыл-эс, сөзүндө туруу, билим, сабыр жана такыбалык бул сүрөдөгү эң негизги темалар болуп эсептелет.

Анан да сөзүмдү аяктаардан мурун ушул тема тууралуу силер менен ой бөлүшкүм келет. Азирети Мухаммеддин (с.а.с.) бардык нерселерге карата канчалык этияттык менен мамиле кылганын билесиңерби? Согуш мезгилинде да жоокерлерине жана жолдошторуна “Жаныбарларды эч качан өлтүрбөгүлө, бак-дарактар менен өсүмдүктөргө зыян келтирбегиле. Балдарга, аялдарга, ибадат кылып жаткан адамдарга жана алардын ибадатканаларына кол салбагыла!” – деп айткан сөздөрү азыркы дүйнөбүз үчүн кандай гана маанилүү. Мен бул сөздөрдү укканда аябай толкундандым. Кантип кубанбай коёюн? Ааламга ырайым ээси катары жиберилген бир пайгамбардын биз сыяктуу кичинекей бир макулукка маани берип, адамдарга бизге карата жакшы мамиле кылуулары керектигин сунуш кылып жатса, туурабы?

ЭКИНЧИ БӨЛҮМ

# КИТЕБИБИЗ МЕНЕН ТААНЫШАЛЫ

## *Бир периште келип, ага “Оку!” деп айтты*

Алла таала пайгамбарыбызга ыйык Курандын алгачкы аяттарын Нур тоосундагы Хира үңкүрүндө түшүргөн. Жабирейил периште Алак сүрөсүнүн “Оку!” деген сөз менен башталган алгачкы беш аятын ошол жерде алып келген.

Пайгамбарыбызга вахий (кабар) биринчи жолу 40 жашында келген. Рамазан айы эле, башкача айтканда орозо кармалган күндөрдөн Дүйшөмбү эле. 610-жылы башталган бул көрүнүш пайгамбарыбыздын өмүрүнүн акырына чейин кайталанган вахий келүү көрүнүшүнүн башталышы болчу. Ыйык Куран түшүрүлө баштаган ошол түн Кадыр түн деп айтылат. Мусулмандар Кадыр түндү дуба окуп, ибадат кылуу менен өткөрүшөт.

*Алланын силерге ырайым кылышы үчүн Куран окулган кезде унчукпагыла жана аны кунт коюп уккула!*
(Аьрааф сүрөсү, 204-аят)

## *Китебибиз – эң сонун сапаттарга ээ*

*Ыйык Куран* – окулушу ибадат болуп саналган китеп.

*Ыйык Куран* – чындык менен жалганды, туура менен жаңылыштыкты, жакшы менен жаманды айырмалаган китеп.

*Албетте, бул Куран эң туура жолго баштайт. Жакшы иштерди кылгандарга чоң сыйлыктын бериле турганын сүйүнчүлөйт.*
(Хижр сүрөсү, 9-аят)

*Ыйык Куран* – адамзаттын аттанар жолун акыр кыяматка чейин жарык кыла турган нур.

*Ыйык Куран* – бардык адеп-ахлактык оорулардын дартына болуучу дабаа.

*Ыйык Куран* – тагдырдын татаал-тайгак жолдорунда жолубуздан адаштырбай турган кудай.

*Ыйык Куран* – адамга жаратуучусун жана өзүн унуттурбай турган керемет зикир.

*Ыйык Куран* – улуу кудуреттүү Алланын сөздөрү.


## Аяттар жаңы ачылган гүл сымал бирин-бири улап келди

Ыйык Курандагы ар бир сүйлөм аят деп аталат. Аяттардын айрымдары бир нече тамгадан гана турат, ал эми айрымдары болсо бир бетти толтургудай узундукта. Ыйык Куранда бардыгы болуп 6236 аят бар.

Ыйык Куран пайгамбарыбызга бир жолку вахий менен эле келген эмес, бөлүм-бөлүм болуп келген. Кээ бир аяттар негизинен белгилүү бир окуянын себебинен улам түшүрүлгөн жана ошол окуя менен байланыштуу түшүндүрмө берген. Бул процесс башаягы 23 жылга созулган. Анын себеби – ыйык Курандагы маалыматтардын адамдарга толук түшүнүктүү болушу жана алардын жан-дүйнөсү аны толугу менен кабыл алышы үчүн эле. Биз кантип күн өткөн сайын чоңойсок, бир үйдүн дубалы кантип кыш коюлган сайын бийиктесе, бир көчөт кандайча акырындык менен өсүп, канат-бутагы жайылган даракка айланса, ыйык Куран да мына ушундайча толукталган.

Пайгамбарыбыз 23 жылдык пайгамбарлык мезгилинин 13 жылын Меккеде, 10 жылын Мадинада өткөргөн. Ушул себептен, Меккеде болгон кезинде келген аяттар Меккий (Меккеге таандык) аят, Мадинада болгон кезинде келген аяттар болсо Маданий (Мадинага таандык) аят деп айтылат. Ыйык Курандын Меккеде түшкөн аяттарында көбүнчө ыймандын негиздери, акырет ишеними жана адеп-ахлак жоболору түшүндүрүлөт. Ал эми Мадинада түшкөн аяттарда болсо жалпысынан үй-бүлө жана коомчулук менен байланыштуу темалар орун алган.

Аяттардын тизмегинен түзүлгөн бөлүмдөр сүрө деп аталат.



Ыйык Куранда 114 сүрө бар. Аяттар сыяктуу эле сүрөлөрдүн да айрымдары узун, айрымдары кыска. Мисалга алсак, Бакара сүрөсү баш-аягы 48 беттен турат. Ошондуктан ал китебибиздин эң узун сүрөсү болуп эсептелет. Ошондой эле бир же бир нече гана саптан турган кыска сүрөлөр да бар. Алсак, Кевсер сүрөсү бир гана саптан туруп, ыйык Курандагы эң кыска сүрө болуп саналат. Мына ушундайча аяттар сүрөлөрдү, сүрөлөр болсо ыйык Куранды түзөт.

## Ар бир иштин башы бисмилла

Ыйык Куранда бирөөнөн башка калган сүрөлөрдүн бардыгы бисмилла менен башталат. Куранды бисмилла менен баштап окуйбуз, ал гана эмес күндөлүк турмушубузда да ар бир ишти бисмилла менен баштайбыз. Бисмилла “Бисмиллахиррахманиррахим” дегенди билдирет. Өз тилибиз менен айтканда, “ырайымдуу жана мээримдүү Алланын ысмы менен” деген маанини түшүндүрөт. Бир ишти Алла тааланын атын эскерүү менен баштасак, Алла таала бизге жардам берет жана ишибизди жеңилдетет. Тамак жегенде, мектепке баратканда, сабак окуганда, жатар мезгилде дайыма бисмилла деп айтабыз. Бисмилла мусулмандардын тилинен эч түшпөйт. Дүкөндөр бисмилла менен ачылат жана сапарга чыгарда бисмилла окулуп бата кылынат. Андыктан, бисмилла – маданиятыбыздын негизги символдорунун бири.

## Сүрөлөрдүн аттары

Ыйык Курандагы сүрөлөрдүн ар биринин ысмы бар. Ал ысымдардын айрымдары Ибрагим, Жунус жана Мухаммед сыяктуу пайгамбарлардын аттарынан, кээ бирлери жылдыз (Нажм), ай (Камар) жана күн (Шамс) сыяктуу көк жүзүндөгү планета жана жылдыз аттарынан, кээси Таха, Йасин, Каф, Сад жана Нух сыяктуу сүрөлөрдүн башындагы биринчи сөз же тамгалардан, айрымдары болсо Исра, күрөш (мужадала) жана хужурат сыяктуу пайгамбарыбыздын турмушундагы окуялардан алынган. Ошондой эле Инсан, Нас, Ниса жана Мариям сыяктуу түздөн-түз адам аттарынан, Жин, Мунафикун сыяктуу коомдордон, Кынме, Небе жана Теквир өңдүү акырет жашоосунан, жөргөмүш (Анкебут), аары (Нахл) жана кумурска (Намл) сыяк-

туу курт-кумурскалардан алынган сүрө аттары да бар. Ал эми Тийн сүрөсүнүн ысмы болсо инжир дарагынан алынган.

## Ыйык Курандан сүрөлөр

Бисмилланы ыйык Курандын ачкычы, Фатиха сүрөсүн болсо анын каалгасы десе болот. Фатиха “ачкан” деген маанини билдирет. Бул сүрө – ыйык Курандын өзөгү. Фатихада бардык алкоо-мактоо жана даңазалоого бир гана Алла тааланын татыктуу экендиги, Ага гана сыйынылып, Андан гана жардам сурала тургандыгы айтылат.

Күндөлүк турмушубузда, намаз жана дубаларыбызда эң көп окулган сүрө – Фатиха сүрөсү. Дубаларыбыздын акырында Фатиха сүрөсүн окуйбуз. Көзү өткөн жакындарыбыздын рухтары үчүн дуба окуганыбызда да Фатиханы окуйбуз.

Ыйык Курандын Фатихадан кийинки эң көп окулган сүрөсү – Ихлас сүрөсү. Ихлас чын жүрөктөн берилүү, диндин маани-жобосуна ылайык жүрүү дегенди билдирет. Алла таала бул сүрөдө өзүн өтө терең аң-сезимдүүлүк менен тааныштырат. Ушул себептен бул сүрө тевхид (Алланын бирөө экендиги) ишениминин өзөгү болуп саналат.

*(Эй Мухамед), айткын: Ал – Алла бирөө гана. Бардык нерселер Ага карыздар, Ага муктаж, Ал эч кимге муктаж эмес. Ал төрөбөгөн жана төрөлбөгөн. Ага эч ким теңдеш жана окшош эмес.*

(Ихлас сүрөсү)



*Мээримдүү жана Ырайымдуу Алланын ысмы менен! Алкоо-мактоо бүткүл ааламдардын эгеси болгон Алла үчүн! Ал Мээримдүү жана Ырайымдуу. Сыйлык жана жаза (Кыямат) Күндүн жалгыз эгеси. Оо, кудуреттүү Аллам, биз Сага гана сыйынабыз жана Сенден гана жардам сурайбыз. Бизди туура жолго, Өзүң атаа кылып берген жолуңа баштагын. Бизди жамандардын жолунан жана караңгылыктардан алыс кыл. !*

(Фаатиха сүрөсү)

Курандын эң көп окулган сүрөлөрүнүн бири да – Йасин сүрөсү. Йасин сөзүнүн “Оо адам” дегенди түшүндүргөндүгү белгилүү. Бул сүрөнү ыйык Курандын жүрөгү десек туура болот. Анткени, ал мусулмандардын арасында эң көп окулган сүрөлөрдөн болуп саналат. Өзгөчө жума түндөрү жана кабыр зыяраттарында көбүнчө Йасин сүрөсү окулат. Бул сүрөдө Ислам ишениминин жоболору, Алла тааланын жалгыздыгы жана Анын кудурет-күчүн көрсөткөн далилдер, адамдын жаратылышы жана өлгөндөн кийин тирилиши сыяктуу темалар туурасында кабар берилет.

Рахман сүрөсү да – эң көп окулган сүрөлөрдүн бири. Бул сүрө Алла тааланын мыкты ысымдарынын бири болгон Рахман сөзү менен башталгандыктан ушул ысым менен айтылат. Рахман жараткандарына ырайым кылган деген маанини түшүндүрөт. Бул сүрөдө Ислам ахлакынын жол-жоболору, Алла тааланын жалгыздыгы жана кудурет-күчүн көрсөткөн далилдер менен адамдарга берген сансыз ырыскы-нематтар тууралуу сөз кылынат.

## Жүздөр

Биздин китебибиз ыйык Куран аят жана сүрөлөрдөн сырткары жүз түрүндө бөлүмдөргө бөлүнөт. Мындай бөлүнүшү ыйык Куранды окуп жатканда бизге жеңилдик алып келет. Китебибиздин алгачкы бетинен тартып ар 20 бетке бир жүз деп айтылат. Ар бир жүздүн башталышындагы барактын чет жагында бизди күтүп турган бир гүлдүн сүрөтү бар. Бул гүлдөр жүз гүлдөрү деп айтылат. Бир киши жүздү (20 бетти) окуп бүтүрүп, жаңы жүзгө баштаганда жүзүндө алгач кандайдыр бир күлүмсүрөө пайда болот. Ыйык Куранда мына ушул өңдүү туура 30 жүз гүлү бар.

## Сөз учат, жазуу калат

Пайгамбарыбыз Алла таала тарабынан өзүнө бөлүм-бөлүм болуп жиберилген аяттарды алгач окуп-жазганды билген мусулмандарга жаздырар эле. Ыйык Куранды жазган кишилер вахий катчысы деп аталган. Алардын милдети келген ар бир аятты жазуу болчу. Пайгамбарыбызга келген ар бир аят бул кишилер тарабынан кемчиликсиз түрдө жазылар эле. Араларында



азирети Абубекир, азирети Өмөр, азирети Осмон, азирети Аалы жана Сабит уулу Зейд сыяктуу көптөгөн кишилер болгон жана бул кишилердин аркасы менен ыйык Куран эч кандай өзгөрүүгө учурабастан ушул күнгө келип жетти.

Пайгамбарыбыздан кийин мусулмандардын башына азирети Абубекир келген. Анын доорунда азирети Өмөрдүн сунушу менен ыйык Куран китеп абалына келтирилген. Ушул максат менен ыйык Куранды жатка билген капыздардын күбөлүгү астында жазылган барактар чогултулган жана булар “мусхаф” деп айтылган. Бул китеп азирети Абубекирдин көзү өткөнгө чейин анын жанында сакталган. Азирети Абубекирден азирети Өмөргө, анын өлүмүнөн кийин кызы жана пайгамбарыбыздын жубайы болгон азирети Хафсага, андан да азирети Осмонго өткөн.

Азирети Осмон доорунда Ислам өлкөлөрүнүн чеги абдан кеңейген. Көптөгөн кишилер Ислам динине өткөн. Мына ушинтип мусулмандардын саны көбөйүп, аны менен бирге аймактары да кеңейген. Ушул себептен Ислам өлкөлөрүнүн төрт тарабына тең ыйык Куран китебин жөнөтүү зарылчылыгы келип чыккан. Бул зарылчылыкты жоюу үчүн негизги китеп катары кабыл алынган ушул китеп түп нускасы катары кабыл алынып, ыйык Куран сан жагынан көбөйтүлгөн. Анан ал китептер өлкөнүн жети чоң шаарына жиберилген. Бүгүнкү күндө үйлөрүбүздөгү ыйык Куран китеби мына ошол китептин көчүрмөсү болуп саналат.

## *Куран булбулдары – капыздар*

Ыйык Куранды толугу менен жатка билген кишилерди капыз деп айтат. Капыздык – абдан мартабалуу бир иш. Капыздар ыйык Куранды баштан аяк эстерине тутушкандыктан аларга “басып жүргөн Куран” деп да айтылат. Айрымдарыбыз болсо “басып жүргөн Куран” дегендин ордуна “жашаган Куран” деп айтабыз. Негизи аларга “жандуу Куран” деп айтсак да жарашат.

Азыркы күндө ар бир аймакта ыйык Куранды жатка билген бир капыз бар. Капыз болбосо да ашыр окуган бирөө албетте табылат. Ашыр окуу Курандын кайсы бир бөлүмүн жатка окуу дегенди билдирет. Улууларыбыздын бири “Кана бир ашыр оку,

угалы!” дегенде ыйык Курандан бир бөлүм окушубузду каалаган болот. Андыктан ыйык Курандын жатталган ар бир бөлүмү ашыр деп айтылат.

## Катым – ыйык Куранды башынан аягына чейин окуу

Катым – ыйык Куранды аягына чейин окуп чыгуу. Жыл сайын пайгамбарыбыз Рамазан айында түнкүсүн ошол күнгө чейинки келген аяттарды Жабирейил периштеге окуп берген. Жабирейил да ага окуган. Ушундайча пайгамбарыбыз жана ага вахий алып келген периште бири-бирине ыйык Куранды кезектешип окуп беришкен. Пайгамбарыбыз окуганда периште тыңшап, периште окуган убакта пайгамбарыбыз тыңшаган. Ал эми ушул өңдүү өз ара кезектешип окуу иши мукабеле деп айтылат. Мына ушул мукабеле салты, б.а. өз ара кезектешип окуу адатынын пайда болушу жана ыйык китебибиз Курандын бүгүнкү күнгө чейин эч өзгөрүүгө дуушар болбой өз калыбында сакталышы үчүн абдан маанилүү факторлордун бири болгон.

Рамазан айында катым түшүрүүгө өзгөчө маани беришибиздин себеби да – ушул. Андыктан, куттуу Рамазанда бул жакшы жөрөлгөнүн унутулбашы үчүн орозо кармап жатканда ыйык Куранды баштан аяк толук окуп чыгуу менен катым түшүргөн болобуз.

## Кат – Стамбул, хаттат – Стамбул

Ыйык Куранды сулуу жазуу максатынан улам келип чыккан бир кол өнөрчүлүк түрү бар. Ал – кат санаты, б.а. жазуу өнөрү. Бул машакаттуу өнөр менен алектенген киши болсо хаттат (катчы) деп айтылат.

Бул жазуу өнөрүнүн өзүнө тиешелүү атайын буюм жана калемдери, жазууда сакталышы зарыл болгон айрым өзүнө мүнөздүү жазуу эрежелери жана түрлөрү бар. Жакшы бир кат чебери болуу үчүн бул өнөрдү мыкты билген бир устадан сабак алуу керек. Өзгөчө бир чеберчилик менен жазылган Куранды канчалык карасаң да көзүң тойбойт. Аңдай ыйык Курандын барактары да түркүн-түстө болуп, жарашыктуу жазуулары да жан-дүйнөңдү жайгарат.

***Пайгамбарыбыз мындай деп буюрган:***
*“Силердин эң жакшыңар – Куранды үйрөнгөнүңөр жана үйрөткөнүңөр.” .*
(Buharî,
“Kur’an’ın Faziletleri”, 21)

***Пайгамбарыбыз мындай деп буюрган:***
*“Ислам дининин башкы беш негизи бар: Алла таaладан башка теңирдин жок экендигине жана Мухаммеддин (сас) Анын элчиси болгондугуна шахадат кылуу, намаз окуу, зекет берүү, ажыга баруу жана Рамазан айында орозо кармоо.”*
(Бухари, “Иман”, 2)

Улуттук маданиятыбызда бир гана ыйык Куран эмес, аны жазуу чеберчилигинен жаралган абдан баалуу кат сүрөттөрү да бар. Бул сүрөттөрдө көбүнчө Алла, Мухаммед сыяктуу ысымдар жазылган. Айрымдарыбыздын үйүбүз жана мечиттердин дубалдары ушул сулуу сүрөт-жазуулар менен кооздолгон. Дүйнөдө кат искусствосунун эң мыкты үлгүлөрүн биздин ата-бабаларыбыз калтырып кеткен. Ушундан улам “Ыйык Куран Меккеде түштү, Мисирде окулду, Стамбулда жазылды” деген сөз эл ичинде кеңири тараган. Көптөгөн кат чеберлери тарабынан жазылган Куран бар. Учурда биздин колубуздагы Куран болсо капыз Осмонго таандык кат менен жазылган.

## Ыйык Куранды кырааты менен окуу

Ыйык Куран – китептердин ичинен эң мыктысы. Андан дагы ыйык, дагы мартабалуу китеп жок. Сөздөрдүн да эң таасирдүүсү. Андан ашкан таасирдүү сөз жок. Биз мусулмандар, аны колубуздан келишинче кырааты менен уккулуктуу кылып окуганга аракет кылабыз. Мындан көңүлүбүз жыргап ырахат алабыз.

Мурунку мезгилдерде ыйык Куранда айрым жазуу белгилери болгон эмес. Динибиз дүйнөгө жайылып, мусулмандардын саны көбөйгөн сайын жаңыдан мусулман болгон боордошторубуз ыйык Куранды окуганды үйрөнүп жатышканда кээ бир кыйынчылыктарга туш болушкан. Бул кыйынчылыктарды жоюу үчүн ыйык Куранга айрым кошумча жазуу белгилери коюлган. Булар Куранды окууну абдан жеңилдештирген.

Ыйык Куранды кырааты менен окуу – өзүнчө бир өнөр. Мукам үндүү бир кишинин окуган Кураны угуп отурган кишилерге күчтүү таасир калтырат. Албетте, бардыгыбыз андай уккулуктуу окуй албайбыз. Биздин ишибиз – мүмкүн болушунча туура жана жагымдуу кылып окууга аракет кылуу.

Ыйык Куранды окуурдан мурун алгач даарат алабыз, андан кийин “Эузүбиллахи минешшейтанирражим. Бисмиллахиррахманиррахим” дейбиз. Ыйык Куранды канчалык жакшы жана даана кылып окуган сайын жүзүбүз нурга толуп ажары артат.

## Таасир берген китеп

Сүйүктүү пайгамбарыбыз күнүгө түнкүсүн Меккедеги үйүнүн

короосунда жагымдуу үнү менен ыйык Куранды окуган. Ыйык Куран адамдарга ушунчалык терең таасир калтырган, ал тургай динге ишенбеген меккеликтер дагы түнкүсүн жашыруун түрдө Куран угууга келишкен. Бир күнү түнүчүндө Меккенин таанымал үч кишиси жашыруун түрдө пайгамбарыбызды угуу үчүн келишет. Андан кийин үйлөрүнө кайтып бара жатышып жолдо үчөө жолугушуп калышат. Бири-бирине Куран угуп келе жатышканын жашырып айта алышпайт. Бирок иштин төркүнү бардыгы үчүн түшүнүктүү болот. Иш жүзүндө ыйык Куранды таанып, анан кайра аны угуу үчүн түн катып жашырынып келүү чабалдык аракет экендигинен кабар берет. Муну бирөө угуп калса, ага кантип түшүндүрөбүз? Эң жакшысы мындан кийин Куран угуу үчүн эч келбейли дешип өз ара сүйлөшүшөт. Бирок эртеси күнү кайра эле чыдай алышпай жашырынышып Куран угууга барышат. Ыйык Куран аны тангандарды да ушундайча өзүнүн керемет күчү менен жипсиз байлап алган.

*Куран окуй турган кезиңде кубаланган шайтандын азгырыгынан Алланын коргоосун сурагын.*

(Нахл сүрөсү, 98-аят)

## Ыйык Куран ачык айтып, ак сүйлөйт

*Ыйык Куран* – бардык адам түшүнө ала тургандай тил менен жазылган китеп. Окулушу оңой, окулушун үйрөнүү жана түшүнүү да оңой. Китебибиз бизге айта турганын ачык жана жөнөкөй тил менен түшүнүктүү түрдө баяндайт. Ыйык Курандын эң негизги өзгөчөлүгү – окулушу жана жатталышынын абдан оңой болушу. Дүйнөдө мындай өзгөчөлүккө ээ болгон экинчи бир диний китеп жок.

*Ыйык Куран* айрым учурда бизге түшүндүргүсү келген нерселеринин жакшылап түшүнүктү болушун камсыз кылуу үчүн кээ бир окуялар тууралуу баян кылат. Булар – биз үчүн ар дайым туура жолго үндөй турган турмуштук мааниси өтө терең олуттуу окуялар.

Кээде айрым аяттардын маанисин түшүнө албай кыйналабыз. Негизинен бул сыяктуу аяттарда көптөгөн адабий ыкмалар колдонулган. Булар тууралуу маалыматы болбогон кишилерге кээ бир аяттар түшүнүксүз болушу мүмкүн. Андай учурда тапсир китептерине кайрылабыз. Тапсир китептери бизге Куранды кеңири чечмелеп түшүндүргөн китептер болуп саналат. Мындан сырткары ыйык китебибиздин котормолорунан да пайдалансак

болот. Курандын кандайдыр бир тилдеги котормосу арапчада меал деп айтылат. Мисалы, ыйык Курандын кыргыз тилиндеги котормосун Курандын кыргызча меали деп да айтсак болот.

Ошентип, бир аяттын бизге карата эмне айткысы келгенин жакшылап түшүнүп билгибиз келгенде тапсир китептерине кайрылышыбыз керек экендигин, ал эми кыргызчасына кызыксак, анда меалды б.а. кыргызча котормосун карашыбыз керек экендигин тактап алдык. Мисалы, күнүгө намаз окуп жатканда Фатиха сүрөсүндө учураган "Элхамдүлиллахи раббил алемин" сүйлөмүнүн кыргызчасын билгибиз келсе дароо кыргызча котормосуна карайбыз жана анын "Бардык алкоо-мактоолор ааламдардын раббиси болгон Алла үчүн!" деген маанини түшүндүргөнүн билебиз. Ал эми бул аяттын ар бир сөзү тууралуу толук терең маалымат алгыбыз келсе, анда тапсир китептерин пайдаланышыбыз абзел.

## *Ал – адам уулун караңгылыктан чыгарган китеп*

Ыйык Куран адамдарды туура жолго жана эң мыкты болууга үндөйт. Анын чакырыгына кулак салгандар адилетсиздиктердин, зулумдуктардын, адамдын ар-намысына туура келбеген терс мамиле жана жосунсуз жоруктардын караңгы чөйрөсүнөн суурулуп, Исламдын ааламга толгон нуруна бөлөнөт. Анын жаркыраган жолуна түшүп, ага ишенген кишилер алсыздар менен жетим-жесирлерге арка-жөлөк болот. Өзүнөн башканы ойлобогон өзүмчүл, битирлер анын көрсөткөн жолуна түшкөндө гана бул начар адаттарынан арыла алышат.

*Ыйык Курандын* жол-жоболорун толук өздөштүргөн мусулмандар коңшулук жоопкерчилик-акыларына олуттуу маани беришет. Адамдар да анын көрсөткөн жолу менен адал оокат кылууга умтулушат. Арам менен жалгандан оолак болушат. Жалгандын ордун чындык, эки жүздүүлүктүн ордун ак ниеттик, текеберчиликтин ордун жөнөкөйлүк, өзүмчүлдүктүн ордун кең пейилдик ээлейт.

Мурунку замандарда өзүнүн татыктуу баасын ала албаган аялдар аны менен бирге өздөрүнө ылайык урмат-сыйга ээ болушту. Адам баласы анын аркасы менен кыз-эркек деп айырмаланбай, балдарынын кайсынысы болбосун Алла тааланын ага берген белеги экендигин түшүнүштү. Майыптарга боорукердик

менен мамиле кылууну, аларга көмөк көрсөтүп, коомчулуктун катарына кошууну Андан үйрөнүштү. Адам коому үчүн акылга сыйбас акмакчылыктын чеги болгон кулдарды эзүү түшүнүгү анын натыйжасында жоюлуп, кулдарга үмүт жарыгы жана эркиндик жолу ачылды.

*Ыйык Куран* адам уулуна күн нуру сымал жаркырап тийди. Анын келиши менен караңгылыктын орду нурга, залимдиктин орду сыйга толду. Аны менен бирге акы, укук, коопсуздук, бейпилдик, тынчтык жана бакыт түшүнүгү келди. Анын таасири менен эр мүнөз кишилер көбөйдү.

*Ыйык Куран* – адамдарга ар түрдүү жамандык, ыплас нерселерден тазалануууну үйрөттү.

*Ыйык Куран* – адамдарга өзүнө ыраа көргөн нерселерди башкаларга да ыраа көрүүнү үйрөттү.

*Ыйык Куран* – адамдарга достукту, боордоштукту үйрөттү.

*Ыйык Куран* – адамдарга тынчтыкты жана сүйүүнү үйрөттү.

*Ыйык Куран* – адамзатка маданиятты үйрөттү.



# ОКУЙЛУ...

## КУМУРСКА ӨЗҮНҮН АТЫ МЕНЕН ТҮШКӨН СҮРӨ ТУУРАЛУУ АЙТАТ

Кудуреттүү Алла тааланын сүйүктүү пайгамбарыбыз азирети Мухаммед алайхис-саламга аяттарды түшүргөнүн билесиңер. Булар болсо ыйык Куранда топтолгон. Мына ошол топтолгондордун арасынан Намл сүрөсүндө биз, кумурскалардын аталары менен Сулайман пайгамбардын ортосунда болуп өткөн окуя тууралуу сөз болот.

Алгач силерге өзүмдү тааныштырайын. Мен кичинекей бир кумурскамын. Кудуреттүү Алла таала ыйык Куранда менин атымдан сөз кылуу менен мага абдан чоң баа бергендигин көргөздү. Мына ушундан улам өзүмдү канчалык бактылуу сезгендигимди сөз менен айтып түшүндүрө албайм. Өзгөчө, өлтүрүлүшүнө тыюу салынган жаныбарлардын бирөө да – бизбиз. Ал тургай уюктарыбызга жакын жерлерде от жагылышына да уруксат берген эмес.

Кааласаңар, алгач бардыгыбыз чогуу ыйык Курандын 27-сүрөсү болгон кумурска сүрөсү (Намл) тууралуу маалымат алууга аракет кылалы. Бул сүрө 93 аяттан турат. Негизинен төмөндөгү темалар жөнүндө түшүндүрмө берилет: Кудуреттүү Алла таалага ишенүү жана Ага гана сыйынуунун мааниси, вахийге ишенүү, биздин көрүп-биле албай турган нерселерибиздин бир гана Алла таала тарабынан билинери, ар түрдүү ырыскыларды ыроологон жалгыз Алла экендиги жана булар үчүн Ага ыраазычылык билдиришибиз керектиги, Сулайман пайгамбар менен Белкыстын ортосунда өткөн окуялар, Муса, Салих жана Лут пайгамбарлардын баштарынан өткөргөндөрү, ж.б. Мына ушулардын бардыгы менин атым менен аталган Намл сүрөсүндө баяндалат. Кээ бир адамдар айрым сабак алынышы керек болгон окуяларга, түрдүү-түмөн ырыскы, сулуулуктарга карабастан Алла таалага ишенишпейт. Буларды ойлогон сайын мени андай ишенимсиздиктерден алыс кылган Алла таалага ыраазычылыгымды билдирем.

Сулайман пайгамбардын окуясы тууралуу кеп кылардан мурун силерге кумурскаларды тааныштырып кетейин. Окуганыңарда булар силер үчүн абдан кызыктуу болорунан күмөн санабайм.

Биз кумурскалар ханыша, эркек жана жумушчу кумурскалар болуп үч түргө бөлүнөбүз. Ал түрлөрдүн ар бири өз милдетин билет жана ошол максат менен дүйнөгө келет. Силер сыяктуу мектепке, билимге, экзамендерге, күндөлүк, китеп-дептерлерге муктаж эмеспиз. Анткени, бизге буларды Жаратканыбыз түздөн-түз өзү үйрөтөт.

Тулку-боюбуздун абдан кичинекей жана арык болгонуна карабастан кудуреттүү Алла таала бизге тартиптүүлүк, эсеп-кысапка тактык, ишти туура бөлүшүүчүлүк жана эмгекчилдик сыяктуу көптөгөн жакшы сапаттарды берген. Биздин жашоо шарттарыбыз абдан кыйын. Буудайдын бир данын уюгубузга ташып алып баруу эле көптөгөн саатка созулушу мүмкүн. Ушул себептен Алла таала ар уюкта жүз миңдеген кумурсканын чогуу-чаран жашашын каалаган. Башка бардык макулуктар сыяктуу эле бизге дагы өзгөчө сулуулук менен башкаларда жок жөндөм, шык берген жана табияттын ар кыл шарттарына ылайык өзгөчөлүктөр менен жараткан.

Биз, кумурскалар, уюктарыбызды жер астына казабыз жана аларды бир нечелеген кыйма-чийме жолдор менен бири-бирине байланыштырабыз. Анткени бизге коркунуч туудурган жүздөгөн кооптуу нерселер бар. Булардын ичинен адамдар жана жаан-чачын бизди тынчсыздандырат. Сууда сүзгөндү билбегендиктен дароо чөгүп кетебиз. Ал эми адамдар кээде байкабастан, кээде болсо атайылап эле бизди үстүбүздөн басып эзип өлтүрүшөт. Болбосо бираз этияттап басышса, биздин башыбызга аңдай жамандыктар келбейт болчу. Силердин дагы басып баратканда абайлашыңарды каалайм.

Эми окуяга өтөлү. Кудуреттүү Алла таала көптөгөн нерсени Сулайман пайгамбардын кызматы үчүн буюрган. Айталы, шамал аны каалаган жерине алып барган, куштар ага кат-кабар жеткиришкен, тоолор болсо аны менен бирге Алла тааланы эскеришкен, канчалаган жаныбарлар ага кызмат кылышкан. Алла таала азирети Сулайманга пайгамбардыгы менен кошо терең билим, күчтүү өкүмдардык, түгөнбөс казына-байлык, ошондой эле куштардын жана башка жаныбарлардын тилин түшүнүү жөндөмүн берген. Ушунчалык эбегейсиз күчкө ээ болгонуна карабастан Сулайман пайгамбар манчыркап текеберленип кеткен эмес. Анткени, ал булардын баарын Алла тааланын ага ыроо-

*Кумурскалар, кумурскалар өөрөнүнө жеткен убакытта бир кумурска: “Эй кумурскалар, уюгуңарга киргиле, Сулайман жана анын аскерлери байкоосуздан силерди басып-жанчып кетишпесин”, – деди. Муну уккан Сулайман күлүп жылмайды жана: “Оо, Раббим, мени Сен мага жана ата-энеме ыроологон ырыскыңа ыраазычылык билдирүүгө жана Өзүң ыраазы боло турган жакшы иштерди кылууга багыттагын. Мени мээримиң менен жакшы пенделердин катарына киргизгин” деди.*

(Намл сүрөсү, 18, 19-аяттар)






логон белеги экенин билген. Анын жолдун аркы бетине өтүп бараткан кумурсканы басып албайын деген ашкере сезимтал, ашкан боорукер жана мээримдүү жүрөгү бар эле.

Сулайман пайгамбар өзү жана үй-бүлөсү үчүн Жаратканына жалбарып дуба окучу экен. Жаратканынан анын сүйүүсүнө ээ боло тургандай жакшы иштерди кыла алгыдай мүмкүнчүлүк жана жетиштүү күч-кубат беришин, ошону менен бирге эле өзүн жана үй-бүлөсүн бейишке чыгарып, жакшы кулдардын арасына кошушун суранчу экен.

Сүрөдөгү ушул көрүнүштүн өзү эле бизге дүйнөдөгү бардык жандуулардын ким болсо болсун Алла таалага баш ийүүлөрү керек экендигин көрсөтүп турат. Андыктан, адамдар жер жүзүнүн аларга гана таандык эмес экендигин, кандайдыр бир жандууга зыян келтирүү укуктарынын жок экендигин аңдоолору абзел. Бардык жандууларды, атап айтканда, курт-кумурска, чымын-чиркей, канаттуу-куштарды, ж.б. да ойлоп, алар менен бул дүйнөнү туура бөлүшүп, табият менен таттуу мамиледе болуп ырааттуу жашоого мажбур экендиктерин унутпоолору керек.



ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ

# ЫЙЫК КУРАНДА ЭМНЕЛЕР БАР?



## *Ыйык Курандын негизги темалары*

Ыйык Куран китебибиздин негизги темасы – Алла таала жана адам. Ал бизге Алла таала, адам, жандуу-жансыздар жана диний милдеттерибиз жөнүндө маалымат берет. Ошондой эле Алла тааланын, өзүбүздүн, ата-энебиздин, үйбүлөбүздүн, коомдун, башка жандуулардын жана чөйрөбүздүн алдындагы милдеттерибиз тууралуу кабардар кылат. Ыйык Куран адамдарды бардык тема боюнча туура жолго багыттайт. Аны менен бирге баарыбыздын Алла таалага жана Анын жиберген пайгамбарына моюн сунушубузду талап кылат.

Ыйык Куранда ыймандын негиздери, ибадаттар жана адеп-ахлак жоболору менен бирге тамактануу, үйлөнүү, материалдык жана коомдук байланыш-катыштар сыяктуу коомдогу адамдардын жашоо-турмушу менен байланыштуу көптөгөн темалар боюнча аяттар бар. Мындан сырткары пайгамбарлардын окуялары жана тарыхта жашап өткөн ар кандай коомдор менен байланыштуу айрым окуялар тууралуу баян кылат. Адамдардын алардан сабак алышы керектигин белгилейт.

*Аллага табынгыла жана Ага эч кимди шерик кылбагыла! Ата-энеңерге, туугандарыңарга, жетимдерге, кедей-кембагалдарга, коңшуларыңарга, жолдошторуңарга, жолоочуга жана кол алдыңда иштегендерге жакшылык кылгыла! Алла таала текеберленип мактангандарды сүйбөйт.*

(Ниса сүрөсү, 36-аят)

*Эй, момундар! Бир эл экинчи (башка) бир элди шылдыңдабасын. Балким, алар өздөрүнөн мыктыраактыр. Ошондой эле аялдар да башка аялдарды шылдың кылышпасын. Анткени алар өздөрүнөн мыктыраак болушу мүмкүн. Бири-бириңерди жамандабагыла, бири-бириңерди жаман аттар менен атабагыла! Ыйманга келгенден кийинки бузукулук – кандай жаман наам. Кимде-ким тообо кылбаса, мына ошолор – заалимдер.*

(Хужурат сүрөсү, 11-аят)

## Ыйык Куран бизге ыймандын негиздерин үйрөтөт

Ыйык Куран бардык нерседен мурун адамдарды ишеним ээси болууга чакырат. Ушул негизде эмнелерге ишенишибиз керек экендигин бизге үйрөтөт. Ыйык Курандын үйрөткөн ыйман негиздеринин эң башкысы кудуреттүү Алла тааланын бар жана бир экендигине ишенүү болуп саналат. Андан кийинкиси, Алла тааланын периштелерине, жиберген китептерине, пайгамбарларына, акырет күнүнө, бардык нерсенин Алланын макулдугу жана каалоосу менен жаралгандыгына ишенүү болот. Булар Алла таалага ишенүүгө байланыштуу негиздер. Андыктан биздин буга, тактап айтканда, Алла таалага, Анын билдирген ыйман негиздерине чын жүрөктөн ишенерибиз талашсыз.

Ыйык Куран адамдарды Исламга чакырат. Ыйман келтиргендердин эмнелерге ээ болушарын түшүндүрөт. Ошондой эле ишенбегендердин акыркы тагдыры кандай жаман натыйжалар менен аяктаарын да билдирет. Булар менен байланыштуу тарыхта болуп өткөн окуялардан айрым мисалдар келтирет.

Ыйык Куранда эң көп тевхит ишенимине өзгөчө маани берилет. Тевхит Алла таалага ишенүү жана анын бирөө гана экендигин кабыл алуу дегенди, башкача айтканда, Алла тааланы таанып, Ага гана ибадат кылуу жана Андан башка эч бир күчтү теңирдик күч катары көрбөө дегенди түшүндүрөт. Тевхит жобосун кабыл алгандар эч качан таш буркандарга сыйынышпайт жана алардан жардам сурап жалынышпайт. Ансыз да, жансыз таш буркандарга сыйынуу, алардан жардам күтүү акылдуу бир адамга такыр жарашпай турган көрүнүш. Билимсиз жана түркөй адамдар гана андай акылсыз иштерди кылышат. Адам Алла тааланы туура тааныган сайын анын талаптарын дагы жакшы түшүнө баштайт.

Ыйык китебибиздин тевхит ишенимине берген маанисинен улам тевхитти ыйык Курандын жүрөгү деп айтсак да болот. Бир киши Алла тааланын бар жана бир экендигине шек келтире турган кыймыл-аракеттер жасай турган болсо, ишеним дүйнөсүнө бүлүк түшүп, андан өзү да чоң зыян тартат. Жүрөгүнүн кагышы солгундап барып токтогондо адам өмүрү да токтоп, бул дүйнөдөн биротоло айрылгандай эле кандайдыр бир күмөн ойдон улам ишеним күчү тайыздай баштаган болсо, ал мезгилдин өтүшү менен акырында биротоло өчүп жок болот.

Ыйман келтиргенден кийин ошого жараша жүрүп, аны-

бызды сөзүбүз, иштерибиз жана жүрүш-турушубуз аркылуу көрсөтүшүбүз керек жана бардык арам-ыплас нерселерден оолак болууга тийишпиз. Муну жакшы жана пайдалуу иштерди, б.а. салих амал (динибиздин жол-жоболоруна ылайык иш) жасоо менен ортого коё алабыз. Жасалган ар бир жакшы жана пайдалуу иш салих амал болуп саналат.

Адам ыйманы жасаган ар бир иш-аракети менен шайкеш келгенде жакшылыктарга жанашып, жамандыктардан алыс болот. Бул – ыймандын табигый натыйжасы. Анткени, ыйман келтирген киши ыйык Куран көрсөткөн өлчөмдөрдүн чеги менен жашоого аракет кылат. Бул аракет да табигый түрдө анын сезимтал бир мусулман жана бардык адамдардын сүймөнчүгү болуусуна себеп болот жана аны жакшылыктарга жакындатып, жамандыктардан оолактатат.

Ыйык Куран бул дүйнөдөгү жашоонун убактылуу экендигин, акыретте адамдардын өлгөндөн кийин кайрадан тириле турганын жана бул дүйнөдө кылгандарынын эсебин беришерин түшүндүрөт. Бул жөнүндө катуу эскертет. Алла тааланын көрсөткөн жол-жобосу боюнча жашагандарга түбөлүктүү акырет таалайын сүйүнчүлөйт. Мына ушундайча, биз да дүйнө жашоосунун убактылуу жашоо экенин, акырет жашоосунун болсо түбөлүккө улана турганын ыйык Курандан үйрөнөбүз. Ар бир адам өлгөндөн кийин бул дүйнөдө кылгандарынын кайтарымын сөзсүз түрдө алат. Андыктан ыйык Куран бизге акырет жашоосун эч качан эсибизден чыгарбашыбыз керек экендигин кайра-кайра абдан катуу эскертет.

*Эй, момундар! Шайтандын артынан ээрчибегиле. Кимде-ким шайтандын артынан ээрчисе, анда шайтандын бузукулук менен жамандыкты буюрганын билсин.*

(Нур сүрөсү, 21-аят)

## *Ыйык Куран бизге ибадаттарыбызды үйрөтөт*

Ыйык Куранда Алла таалага ибадат кылышыбыз буюрулган жана ал ибадаттарыбыздын негизги өкүм-жоболору орун алган. Ал эми ыйык Куранды кантип окуп түшүнөрүбүздү жана ибадаттарды кандайча кылышыбыз керек экендигин пайгамбарыбыздан үйрөнөбүз. Ал мусулмандарга кылынышы керек болгон ибадаттарды өзү кылып көрсөткөн. Ошондой эле, андан ибадаттарыбызды кандай кыларыбызды гана эмес, динибиздин бардык өкүм-эрежелерин үйрөнөбүз. Анын жашоосу жана кылган иш-аракеттери биз үчүн эң мыкты үлгү болуп саналат. Сүйүктүү пайгамбарыбыз: “Мен намазды кандай окусам, силер да ошондой окугула”, “Ажылык менен байланыштуу ибадаттарыңарды мен кылгандай кылгыла,” – деп буюрган.

*Алла таала адилеттүүлүктү, жакшылык кылууну жана жакын кишилерге жардам көрсөтүүнү буюрат. Жамандыктарга, ыплас иштерге, бузукулук жана адилетсиздикке да тыюу салат. Ал ойлонуп эсиңерде тутушуңар үчүн силерге үгүт-насаат берет..*
(Нахл сүрөсү, 90-аят)

Намаз окуу күндөлүк кылган ибадатыбыз болуп эсептелет. Кудуреттүү Алла таалага болгон терең ишенимибиздин ар дайым андан да бекемделишине өбөлгө түзөт. Ал – баарынан мурун бир тазалык эрежеси. Намаздан мурун даарат алып, денебизди ар кандай кирден арылтабыз. Күнүгө беш маал касиеттүү Кааба тарапка карап намаз окуган кишинин намазы албетте аны ар кандай жамандыктардан алыстатат.


Орозо кармоо ибадаты болсо жыл сайын бир жолу Рамазан айында аткарылат. Орозонун да көптөгөн материалдык жана руханий пайдалары бар.

Материалдык бир ибадат болгон зекет берүү колунда бар мусулмандар менен көбүрөөк байланыштуу. Колунда бар мусулмандар жыл сайын мал-мүлкүнүн белгилүү бир бөлүгүн кедей-кембагалдарга таратат. Бул болсо адамдардын Алла таала берген ырыскысын өз ара бөлүшүү аң-сезимине ээ болушун шарттайт жана коомдук өз ара көмөктөшүү сезимин күчтөндүрөт.

Ажылык сапары да – материалдык абалы жакшы мусулмандар менен байланыштуу бир ибадат. Колунда байлыгы бар күүлү-күчтүү кишилер өмүрүндө бир жолу сүйүктүү пайгамбарыбыздын туулуп-өскөн Мекке шаарындагы Каабаны жана айланасындагы ыйык жайларды өз жол-жоболоруна ылайык зыярат кылууга тийиш. Жер жүзүндөгү бардык мусулмандар тили, өңү, улуту ар башка болгонуна карабай бардыгы чогуусу менен Раббилерине кулдук уруп ибадат кылышат.

Мындан сырткары битир садагасы, курмандык чалуу сыяктуу айрым ибадаттар да бар.

Ар бир ишти жакшы жана чеберчилик менен жасоо, терең ойлонуп, бардык адамдар менен



жакшы мамиледе болуу жана жардамга муктаж болгон кишилерге көмөк көрсөтүү да ибадаттардан болуп саналат. Суусуздуктан соолуп бараткан бир гүлгө суу куюу да – бир ибадат. Кароосуз калган ачка мышыкты тойгузуу, канаты сынып жараланган бир таранчынын жарасын таңуу да – өзүнчө бир ибадат. Анткени, бардык жандууларды Алла таала жараткан. Биз жаратылгандарды Жараткандан улам сүйөбүз. Андыктан биз бардык жан-жаныбарларды жакшы көрүп, жардам кылабыз жана аларга көрсөткөн көмөгүбүздүн акысын алууга умтулбайбыз.

Ибадаттарыбыз бизди жаратуучубуз жана Раббибиз болгон Алла таалага жакындаштырат. Адам – дене менен рух бүтүндүгүнөн пайда болгон бир зат. Жашаш үчүн денебиз азыктануу, уктоо, эс алуу өндүү аракеттерге муктаж болгондой эле рухубуз да ушул сыяктуу айрым нерселерге муктаж. Биз рухубуздун муктаждыктарын ибадат кылуу жолу менен канааттандырабыз. Кылган ибадаттарыбыз аркылуу бир жагынан Алла тааланын алдындагы милдетибизди орундаткан, экинчи жагынан рухубузду азыктандырган болобуз. Ибадат ыйманыбызды арттырат жана рухубузду бийиктетет. Жүрөгүбүздөгү Алла таалага болгон сүйүү сезимибизди ойготот.

*Оо, Раббим! Кылгандарыбыздын эсеби бериле турган (кыямат) күнү мени, ата-энемди жана жалпы момундарды кечире көр!*

(Ибрахим сүрөсү, 41-аят)

## *Ыйык Куран бизге дуба окуганды үйрөтөт*

Ыйык Куранда ушунчалык керемет дубалар бар. Раббибиз ыйык Куран аркылуу бизге кандайча дуба окуурубузду үйрөтөт. Ошол дубалар аркылуу Жаратканыбызга бизге ыроологон эсепсиз ырыскылары үчүн ыраазычылыгыбызды билдиребиз. Кандайдыр бир кыйынчылыкка туш болгондо, кыйналып кысталганда алакан жайып, Ага арнап дуба окуйбуз, Андан жардам тилейбиз. Анан улуу Раббибиз биздин үнүбүздү угат жана окуган дубаларыбызды ылайыгына жараша кабыл кылат.

Дуба ибадаттын өзөгүн түзөт. Алла таала менен пендесинин ортосундагы бекем байланыш куралы болуп саналат. Алла таала жүрөгүбүздүн тереңинде сакталган жашыруун сырларыбызды анык билгениндей эле эң чарасыз, жардамга муктаж болуп турган мезгилдерибизде да бизди көрөт, үнүбүздү угат жана тарткан кыйынчылыктарыбызды жеңилдетип, бизге жардам көрсөтөт. Ал адамдардын кыйынчылыкка дуушар болушун эч каалабайт.



Биздин милдетибиз – Жаратканыбызга жан-көңүлдөн байла-

*Биз адамга ата-энесине жакшы мамиле көрсөтүшүн насаат кылдык.*
(Ахкаф сүрөсү, 15-аят)

нуу жана чын дилибиз менен берлип дуба окуу. Биз үчүн жашыруун жана ачык болгон бардык сырды билген Раббибиз адамдардын тышкы көрүнүшүнө эмес, жүрөгүнүн түпкүрүндөгү ниет-каалоолоруна жараша баа берет.

## Ыйык Куран бизге адеп-ахлактуу болууну үйрөтөт

Ыйык Куран мыкты адеп-ахлак жоболорун үйрөтөт жана ага ылайык жүрүшүбүз керек экендигин талап кылат. Адамдардын эки дүйнөдө тең бак-таалайга жетиши мына ошол жоболорду канчалык даражада кармаганына байланыштуу. Ата-энеге кайрымдуу болуп урмат-сый көрсөтүү, ага-тууганга, кедей-кембагалдарга, багар-көрөрү жок үй-жайсыз калган бей-бечараларга көмөк көрсөтүү, ыксыз ысырапкорчулуктан ыраак болуу, убададан тайбоо, ишенимдүү болуп ар кандай адепсиз аракеттерден алыс туруу, жетим-жесирдин мал-мүлкүнө көз артпоо жана эч кимдин мал-жанына зыян келтирбөө, сүйүү, урматтоо, бир туугандык, теңдик, чынчылдык, ак ниеттүүлүк өндүү сезимдерге ээ болуу, укук жана адилеттүүлүктү көзөмөлдөө, көмөктөшүү, арка-жөлөк, коюн-колтук болуу, жоопкерчилик, эмгекчилдик, жоомарттык ж.б. ушул сыяктуу мыкты ахлак жоболору адамдарды бул дүйнөдө жана акыретте бак-таалайга жеткирет. Алла тааланын белгилеген чен-өлчөмдөрүн тебелеп, өзүм билемдиктен сактануу, адамдарга ар дайым жакшылык кылып, абийирдүү жана ар-намыстуу болуу да ыйык Курандын эң көп суктандырган мыкты ахлак жоболорунан болуп саналат.

Ыйык Куранда эң көп сакталышын талап кылган жоболордун бири да – адилеттүүлүк. Адилеттүүлүк – бул бардык жаратылгандардын укук-акыларын коргоп, эч бирине кымындай да адилетсиздик кылбоо дегенди түшүндүрөт. Жаратканыбыз адамдардын динине, тилине жана улутуна карап бөлбөстөн баарына адилеттүүлүк менен бирдей мамиле кылышыбызды буюрат. Мусулмандар ушул эскертүүнү эске алышып, тарыхта дайыма тили буруу, дини бөлөк башка улуттун өкүлдөрү менен ынтымак-ырашкерлик ичинде бейкут жашап келишкен. Ата-бабаларыбыз өздөрүнчө эркин жашашкан жөөт жана христиан дининдегилерге өз диндерин өзгөртүүлөрү үчүн кандайдыр бир кысым көрсөтүшкөн эмес.

Адамдын рухунун тазалыгы адеп-ахлагынын бийиктиги менен байланыштуу. Адеп-ахлагы бийик кишинин ички дүйнөсү да тунук болот. Эң жакшы адам – Алла таалага жана Анын пайгамбарына ишенип, алардын жолуна түшкөн адеп-ахлактуу болгон адам.

Ыйык Куран жалганчылык, жасалмалуулук, алдамчылык, өзүн өзгөлөрдөн өйдө кергөн текеберчилик, богоздук сыяктуу начар адат-мүнөздөрдөн алыс турушубузду талап кылат.

Мына ушундайча ыйык Куран адамдардын бейкуттук ичинде бактылуу жана бейпил жашашы үчүн керектүү болгон адеп-ахлак жоболорун бизге билдирген.

Адамдын өзүнөн баштап улуу Жаратканына чейин узаган кеңири бир жоопкерчилик майданы бар. Жаратканынын алдындагы жоопкерчилик милдети ибадат кылуу аркылуу, адамдардын алдындагы жоопкерчилиги болсо адамдын абырой, укуктарына шек келтирбестен аяр мамиле-сый менен орундалат.

## *Ыйык Куран бизге адал менен арамды, жакшы менен жаманды, туура менен жаңылышыкты айрып билүүнү үйрөтөт*

Ыйык Куран китебибиз бизге Алла тааланын эмнени адал, эмнени арам кылгандыгын ачык билдирет, жакшы менен жамандын айырмасын үйрөтөт, жакшылык менен жагымдуу көрүнүштөрдү жайылтып, жамандыктардан сактанышыбызды талап кылат. Анткени, адал жана жакшы иштер бизге бейпилдик берет, ал эми жамандыктар менен жасалган кылмыш-күнөөлөр болсо көңүлүбүздү иренжитет.

Ыйык Куран адал оокат жана адамга пайдалуу иштерге адбан чоң маани берген. Таман акы, мандай тер менен адал оокат кылууну, ичкен-жегендерибиздин адал жана таза болушун буюрат. Чочконун эти жана өз ажалы менен өлгөн малдын эти сыяктуу арам кылынган нерселерди жегенге кескин тыюу салат. Алкоголдуу ичимдиктер жана баңги заттардан алыс болушубузду каалайт. Кылмыштуулук, уурулук, контрабандалык, пайызчылык, кумарпоздук, паракордук жана талап-тоноочулук сыяктуу ар кандай мыйзамсыз жолдор менен пайда табууну абдан чоң күнөө катары эсептейт.

*Жаратканың, жалгыз Анын Өзүнө сыйынууңарды, ошондой эле ата-энеге жакшы мамиле кылууңарды буюрду. Эгер алардын (ата-ененин) бирөөсү, же болбосо экөө тең сенин колуңда карылык жашына жетишсе, аларга карап «өх» дебе (үшкүрбө) жана аларды жемелебе, аларга жагымдуу жакшы сөз айт!.*

(Исра сүрөсү, 23-аят)

Китебибиз бардык адамдарга жакшы мамиле жасоону буюрат; зөөкүрдүк жана адилетсиздик кылууга, адамдардын ар кандай жаңылыштыктарын жана кемчиликтерин издеп таап, анан аларды шылдыңдап кемсинтүүгө, жок жерден жалаа жабууга жана ырсаңдап ылайыксыз ат коюуга тыюу салган. Ушундайча таза, ишенимдүү, бири-бирине сый көрсөтүп бейпилдик ичинде жашаган жана адамзат үчүн үлгү боло турган бир коомчулуктун түзүлүшүн талап кылган.

Ыйык Куран өз ичибизде, кошуна-колоңдорубуз жана айлана-чөйрөбүздөгүлөр менен таттуу мамиледе болушубузду каалайт. Адамдарды капа кыла турган жана алардын тынчын ала турган орой мамиле жана олдоксон аракеттерден оолак болууга чакырат. Ар дайым жакшылык менен жарашкан сулуулукка жакын болушубузду эскертет. Жардамга муктаж адамдарга алгач жакындарыбыздан баштап жардам берүүнү буюрат.

## Ыйык Куран үй-бүлөлүк жашоого маани берет

Ыйык Куран үй-бүлөнүн коомдук жашоодогу ордуна көңүл бурат. Үй-бүлө жашоосунун сүйүү, урмат-сый жана бейпилдик ичинде уланышы үчүн үй-бүлө мүчөлөрүнүн бири-биринин алдындагы милдеттерин үйрөтөт. Балдарын жакшы жана адеп-ахлактуу адам кылып өстүрүүлөрүн буюрат. Ата-энеге урмат-сый көрсөтүлүшүн талап кылат. Туугандык мамилелерге маани берет. Жетим-жесирлерге жана колунда жок адамдарга колдоо көрсөтүлүшүн каалайт.

## Ыйык Куран бизге сүйүүнү үйрөтөт

Ыйык Куран бизден үй-бүлөбүздү, ата-энебизди сүйүп, аларга сый-урмат менен мамиле кылышыбызды талап кылат. Анткени, бизди бул дүйнөгө алып келген – ата-энебиз. Аларды абдан сүйөбүз. Андыктан, аларга, бир туугандарыбызга аяр мамиле кылып, урмат-сый көрсөтүүгө тийишпиз.

Жогоруда белгилеп кеткендей, ыйык Куран бизден ага-туугандарыбызды да жакшы көрүп, алар менен дайыма жакшы мамиледе болушубузду талап кылат. Ошондой эле кошуна-колоңдорубузду да унутпай, алар менен жакшы мамиледе болуп, кыйын кырдаалдарда аларга да колубуздан келишинче жар-







*Чындыгында эле азирети Мухаммед (сас) силер үчүн абдан мыкты үлгү.*
(Ахзаб сүрөсү, 21-аят)

дам көрсөтүшүбүз керек. Анткени, кошуналарыбыз биз менен бир көчөдө же бир имаратта жашашкан жакын адамдар болушат. Ошондуктан алар менен ар дайым оор күндөрүндө ортоктош болуп, жакшылык менен жамандыктарын тең бөлүшүүгө тийишпиз.

Ыйык Куран бизди бардык адамдарды сүйүүгө чакырат. Адамдарды улутуна, рассасына жана уруусуна карап бөлбөстөн, бардыгына бирдей мамиле кылып, баарын жакшы көрүшүбүз керек. Анткени, Алла таала адамдардын бардыгын бирдей жараткан. Бири экинчисинен артык эмес. Ал эми адамдардын арасындагы артыкчылык алардын Алла таалага моюн сунуп, Анын сүйүүсүнө ээ болуусунан жана Ага акарат айтуудан сактанып, тескерисинче, Ага болгон жакындыктарынан көрүлөт. Бири-бирибизди сүйүп, жашаган дүйнөбүздү жаратылыштын керемет гүл багына айлантуу колубуздагы нерсе. Дүйнөдөгү ушул күнгө чейинки болуп келген уруш-коогалар адам баласына кайгылуу көз жаштан башка эмне алып келди? Эч бир нерсе адамдын өмүрүнөн кымбат эмес. Ыйык китебибизде бир адамга жашоо берүүнүн өзү бүтүндөй адам уулуна жашоо бергенчелик кымбат экендиги баса белгиленет. Ошону менен бирге эле китебибизде бир адамды өлтүрүүнүн бүтүндөй бир адам коомун жок кылуу сыяктуу экендиги жазылган.

Ыйык Куран бизге багар-көрөрү жок, үй-жайы болбогондорго колубузду созуп жардам беришибизди буюрат. Анткени, биз адамбыз. Каралашар кишиси жок, кан какшап кара жолдо калгандарга жардам берүү – биздин адамдык милдетибиз.

Адам болгонубуз үчүн бардык адамдарга жакшылык кылууга тийишпиз.

Ыйык китебибиз бизди жандуу-жансыз бардык жаратылгандарды жакшы көрүүгө үндөйт. Биз түнкүсүн асманда жылт-жулт этип жымыңдаган жылдыздарды, ак шоола төккөн айды, ааламды нурга бөлөгөн күндү, нөшөрлөп жааган жамгырды, саамайыбызды сылаган шамалды сүйөбүз. Шаркырап аккан суулар, жыпар чачкан түркүн-түстүү гүлдөр, гүлдөн-гүлгө конуп көкөлөп учкан көпөлөктөр, талдан-талга конуп кубулжутуп сайраган куштар аруу сезимибизди арбап алгандай сезилет. Алар бизге жаратуучубузду эстетет. Алар бизге жер жүзүндөгү эң кымбат жана эң улуу заттын адам экендигин купуя сездирет.

Ыйык Куран бизге бизди эң жогорку өзгөчөлүктөргө ээ кы-

лып жараткан Алла тааланы сүйүшүбүздү буюрат. Анткени бул дүйнөдөгү бардык нерсе биз үчүн жаратылган. Бизди сүйгөндүгү үчүн Раббибиз мына ушундай жараткан. Андыктан биз да Аны жана Анын адамдарга билүүнү жана сүйүүнү үйрөткөн ыйык китеби Куранды сүйөбүз.

Ыйык Куран балдарды сүйүүгө чакырат. Балдар эне мээримине муктаж болушкандыктан, аларды энелери сүйүү мээримине бөлөп чоңойтушат. Өзгөчө сүйкүмдүү бөбөктөр тим эле мээрим төгүп сүйүү үчүн жаратылгандай. Алсак, гүл соолубас үчүн топурак менен ууга муктаж болсо, балдар ушул өңдүү эле мээрим менен сүйүүгө муктаж. Ушул себептен ыйык Куран эч кими жок томолой жетимдерге баарынан көп жылуу мамиле жасалып, көңүл бурулушун талап кылат.

Балдар эне сүтүндөй таза, кирсиз, күнөөсүз болуп дүйнөгө келишет. Ыйык Куранда алардын төрөлүшү дайыма сүйүнүчтүү кабар катары түшүндүрүлөт. Алардын келиши чынында эле сүйүнүчтүү! Алла тааладан келген бир сүйүнчү!

Балдар – кудуреттүү Жаратканыбыздын бир белеги жана кубанычы. Ыйык Куран аларды кубаныч дейт. Эне-аталар, чоң ата-чоң энелер жана бардык адамдар үчүн келген бир кубаныч.

Сүйүктүү пайгамбарыбыз балдарды абдан сүйгөн жана аларга өзгөчө маани берген. Алардын ыйлаганын укканда, көп ыйлап көңүлдөрүн суутушпасын деп окуп жаткан намазын дароо бүтүргөн. Аларды тизесине отургузуп алып: “Булар бейиштин жыты жыттанат!” – деп айткан. Аларды бирөөлөрдүн урушуп, көңүлдөрүн оорутушун эч жактырчу эмес. Айрыкча жетимдердин кагуу жеп капаланышына такыр чыдап тура алчу эмес. Аларды жонуна мингизип ойнотуп, жылуу мээрим менен тамашалашып ойногон. Аларга салам берип, ал-акыбалдарын сурачу, анан кучактап, өөп-жыттап, аркасына көтөрүп алар менен кошо ойночу. Алардын көңүлдөрүн чырмаган оор кайгыларын жүрөгүнүн түпкүрүндө сезген.

Мына ушундайча чоң кишилер дагы балдарга кандай мамиле жасалышы керектигин пайгамбарыбыздан жана ага жиберилген ыйык Курандан үйрөнүшкөн.

## Ыйык Курандан балдарга үгүт-насааттар

Ибрагим пайгамбар менен бирге Жакып да ушул сөздөрдү уулдарына насаат кылып айтышат: “Уулдарым! Алла таала си-

*Балдарыңар балакатка жеткен учурда алар да мурункулар уруксат сурагандай эле уруксат сурашсын. Алла аяттарын силерге мына ушундай баян кылат. Алла бардык нерсени билет, Ал – илим жана даанышмандыктын ээси.*

(Нур сүрөсү, 59-аят)

лер үчүн ушул динди тандады. Силер да мусулман болуп гана дүйнөдөн өткүлө.”

“Жакып өмүрүнүн акыркы күндөрүндө балдарынан: “Менден кийин кимге сыйынасыңар?” – деп сураганда, алар: “Сенин теңириң жана аталарың Ибрагим, Исмайил жана Искактын теңири болгон жалгыз Аллага сыйынабыз, биз ага моюн сунуучуларбыз,” – деп айтышканда ал жерде турдуңар беле?” (Бакара сүрөсү, 132-133-аяттар)

“Улукман аким уулуна мындай деп насаат айткан эле: “Уулум! Алла таалага шек келтирбегин! Анткени шек келтирүү албетте абдан чоң зулумдук болуп саналат.”

Биз инсанга ата-энесине жакшы мамиле кылышын буюрдук. Энеси аны күн өткөн сайын алдан тайып отуруп, кош бойлуулук мезгилин өткөргөн. Анан энесинин сүтүн эмип бүтүп, эмчектен чыгышы да эки жылга созулган. Ушул себептен адам баласына мындай деп буюрдук: “Мага жана ата-энеңе ыраазычылык билдир. Акыры Өзүмө кайтасың.”

Эгерде алар (ата-энең) сени өзүң билбеген нерселерди Мага шерик кылууга зордошсо, анда аларга баш ийбе. Бирок дүйнөдө алар менен жакшы мамиледе бол. Мага ишенип ыктаган кишилердин артынан ээрчи. Кийин өзүмө кайтарыңар анык. Анан мен силерге өткөн ишиңердин кабарын беремин.

Улукман үгүт-насаатын мындай деп улантты “Уулум! Эч шеккүмөнсүз, кылган ишиң хардал (өсүмдүгүнүн) уругундай кичине болсо жана ал бир аска таштын ичинде, же асманда, же жер алдында болсо, ошону да Алла таала (таап) алып келет. Себеби, Алла таала эң сергек жана бардык нерседен кабардар.

Уулум! Намазды туура толук оку. Жакшылыкка буюр, жамандыктан кайтар. Башыңа келген кырсык-балээлерге сабыр кыл. Анткени, булардын бардыгы анык буюрулган иштер болуп саналат.

Адамдарга бой көтөрүп, алардан жүзүңдү үйүрбөгүн жана жерде текеберчилик менен жүрбөгүн. Себеби, Алла таала менменсинген мактанчаак кишилерди сүйбөйт.

Жүрүш-турушунду бузба. Үнүңдү күчөтпө. Анткени, үндөрдүн ичинен эң жагымсызы эшектин үнү болсо керек!” (Локман сүрөсү, 13-19-аяттар)

# ОКУЙЛУ...

## ЖӨРГӨМҮШ ӨЗ ЫСМЫ МЕНЕН АТАЛГАН СҮРӨ ТУУРАЛУУ БАЯН КЫЛАТ

Мен бир кичинекей жөргөмүшмүн. Дароо эле антип жүзүңөрдү үйүрбөгүлө. Билем, көпчүлүгүңөр мени көргөндө итиркейиңер келет, ал тургай коркосуңар. Бирок Раббибиздин эч бир нерсени себепсиз түрдө жаратпаганын унутпагыла. Ал ыйык Куранда менден сөз кылган жана азирети Мухаммед (а.с.) да анын буйругу менен Курандын 29-сүрөсүнө менин ысмымды (Анкабут) ыйгарган. Силерге кыскача бул сүрө тууралуу маалымат бере кетейин.


Анкабут сүрөсү 69 аяттан турат. Ал аяттарда баяндалган негизги темалардын ичинде Алла таалага ишенүүнүн жана ата-энеге баш ийүүнүн маанилүүлүгү, бирөөлөргө жамандык кылгандардын аянычтуу тагдыры, Аллага ишенип жакшы иштерди жасаган кишилердин эмгектеринин акыбеттерин эң сонун сыйлыктар менен сыйлануу аркылуу көрүшөрү түшүндүрүлөт. Аны менен бирге эле намаз окуунун адамды ар кандай жамандыктардан алыстатары, Алла тааланы эскерүүнүн абдан чоң ибадат экендиги, ал эми адамдардын болсо бейпил күндөрдө Аны эскерүүнү жана Ага арнап дуба окууну эстеринен чыгарып коюшары баса белгиленет. Ошону менен катар эле бул сүрөдө пайгамбарлардан Нух, Ибрагим, Лут, Шуайп жана Худ пайгамбардын окуялары орун алган.

Эми сүрөнүн биз менен болгон байланышына келели. Сүрө 41-аяттагы жөргөмүштүн желесине окшоштуруу оюнан улам ушул ысым менен аталып калган. Андагы окшоштуруу чындыкка карата күчсүз жана туруксуз болгон жалган ишенимдер менен алардын турмуштагы орду тууралуу кептен улам келип чыккан. Анкабут арапчада “ургаачы жөргөмүш” дегенди билдирет. Ургаачы жөргөмүш желесин тарткандан кийин дароо ошол жерде эркегин өлтүрөт. Андан кийин абайсыз келип ага илинген чымын-чиркей, курт-кумурскалар тузакка түшүшөт. Соккон торубуз өзүбүзгө ылайык абдан эле бекем. Ал тургай жөргөмүш желесинин жиптери ушундай ичкеликтеги болот зымдан да бекем.

Адамдар билишпейт, ошентсе да мен айтып кетейин. Биз,

*Алладан башка “досторду” күткөн кишилердин абалы жөргөмүшкө окшойт. Жөргөмүш тор токуйт, бирок анын тору – өтө назик туруксуз уя. Алар да муну билишсе кана!*

(Анкебут сүрөсү, 41-аят)



жөргөмүштөр, адегенде желе токуп, жерибиздин математикалык жана геометрикалык эсебин аныктайбыз. Токуган желелерибиз биз үчүн төшөнгөн төшөгүбүз, жеткирген унаабыз, белги берген эскертүү аспабыбыз, ал тургай кийген зоотубуз да болуп эсептелет. Тарткан желебиз биз үчүн бышык көрүнсө да, жөргөмүштүн уясынын өздөрү үчүн канчалык назик, жумшак экендигин бардык жандуулар жакшы билишет. Жөргөмүштүн желеси көлөкө да кылбайт, суукттан да коргобойт. Желп эткен жел болсо, же шырп эткен чөп-чарга илинсе, тилекке каршы үлбүрөгөн жиптери үзүлөт да калат.

Ушундан улам сүрөдө түшүндүрүлгөн окуялар жана берилген белгилер тууралуу сөз болгондо аларды андан да тереңирээк аңдап билүү үчүн жогорудагы жөргөмүштүн желесине окшоштуруу эң жакшы мисал катары кабыл алынат. Жөргөмүштүн салган уясы канчалык туруксуз болсо, Алла тааладан башка ар кандай жалган ишенимге ишенип, андан жардам күткөн кишилердин мүнөзү да ошондой туруксуз жана чыдамсыз. Адамдар көпчүлүк учурда өздөрү маани берген айрым сырдуу күчтөрдү ааламдын негизги кудуреттүү күчү катары кабылдашат. Көптөгөн кишилер да бийлик жана акча, мал-мүлк өңдүү материалдык байлыктарды эң маанилүү күч катары көрүшөт. Бүт өмүрүн жана күчүн ошолорго ээ болуу үчүн арнайт. Айрымдары болсо өзүнө да, өзгөгө да пайдасыз билимдин аркасынан түшүп алышат. Ал эми айрым адамдар курал-жарактын жана карандай кара күчтүн ээси болууну бардык нерседен жогору көрүшөт. Чындыгында алар тескерисинче, өздөрүн жараткан теңирдик күчтү көрүүлөрү керек эмеспи.

Мына булардын бардыгын кудуреттүү Алла таала жөргөмүштөрдүн жел үйлөсө, же илип кетсең эле бузулуп калган үлбүрөгөн назик желесине окшоштурган. Чыныгы күч-кубат – анын (Аллага болгон) ишеними, жакындыгы. Мындан башка нерселер канчалык кубаттуу көрүнсө да Алланын алдында алардын кадыры бир жөргөмүш сыяктуу. Ал эми алар кудуреттүү Алла таала кааласа, өзүн теңир катары ойлогон Немрутту бир чиркей менен жок кылып жибергенин жана азирети Мухаммедди өлтүрүү үчүн жашырынган үңкүрдүн оозуна чейин келишкен куралчан адамдарды бир жөргөмүштүн желе-

си менен кантип жаңылтканын билишпейби? Билишет, бирок чындыкты кабыл алуу алардын кызыкчылыктарына шайкеш келбейт.

Мени ушунчалык кубанткан дагы бир окуя тууралуу силерге кеп кылып берейин. Мен ошол эле мезгилде азирети Мухаммеддин Меккеден Мадинага көчкөн мезгилинде өтө жооптуу бир милдетти мойнуна алган жөргөмүшмүн. Кудуреттүү Алла таала азирети Мухаммед менен жолдошу азирети Абубекирди коргоо үчүн үңкүрдүн оозуна желе тартуу милдетин мага берди. Ал эми менин эң бактылуу болгонум азирети Мухаммеддин нурдуу жүзүн көргөнүм болду. Ал жана анын жолдошу менен өткөргөн үч күнүм менин өмүрүмдүн эң сонун күндөрү болуп саналат. Бул – мен үчүн кандай гана бакыт.

Эгерде силер да бир гана Алла таалага ишенип, анын кудурет-күчүнө таянсаңар, алдыңарга чыга турган бардык кыйынчылыктарды оңой эле жеңесиңер. Кудуреттүү Алла таалага сыйынгыла, анткени андан башка улуу колдоочу жана чыныгы дос жок.



ТӨРТҮНЧҮ БӨЛҮМ

# ПАЙГАМБАРЛАР БАЯНЫ

## *Алгачкы адам – алгачкы пайгамбар*

Алла таала алгач Адам атабызды жаратты. Андан кийин Обо энебизди жаратты. Аларды бири-бири менен баш коштурду. Аларга айланасындагы заттарды жана алардын аттарын үйрөттү. Адамга Обо дегенди, Обого Адам дегенди үйрөттү. Аларга бардык нерсени билүү, бардык нерсени таануу жөндөмүн берди. Адам атабызга пайгамбарлык даражасын ыйгарды. Бардык адамдар азирети Адам менен Обонун балдарынан тарап көбөйүштү. Жер шарынын бардык аймактарына жайылышты. Анан арадан нечендеген доорлор өтүп, жер жүзүндө ар түрдүү тилде сүйлөгөн ар кандай улуттардагы элдер пайда болду. Ак, сары, кара дебей, кандай өңдүү болсо да баары азирети Адам ата менен Обо энеден тарашты. Бардыгыбыз азирети Адам менен Обонун балдары болобуз. Чачтарыбыздын өңү, каректерибиздин түсү ар башка болсо да, ар түрдүү тилдерде сүйлөсөк да бир жүрөгүбүз, эки колубуз жана эки бутубуз бар. Эң негизгиси баарыбыз тең акыл калчоо, ойлонуу жөндөмүнө ээбиз. Мына ушулардын бардыгын бизге ыйык Куран үйрөтөт. Анда жазылбаганда, биз адамдардын кандайча жаратылганын, кандайча көбөйгөнүн, жер жүзүнө кантип

жайылганын биле албайт элек. Жер шарынын адамдардын жашоосу үчүн жаратылгандыгын китебибизден окуп билебиз.

Азирети Адамдан мурун periште жана жин деп аталган жандар жаратылган. Алла таала периштелерге жер жүзүндө адамды жарата турганын айтканда, алар “Оо, Раббибиз! Биз сага кулдук кылып жатабыз. Сени мактайбыз, даңктайбыз. Чындыгында жарата турган кишиңдин жер жүзүндө кан төгүшүп, бузукулук кыларынан тынчсызданып жатабыз,” – деп айтышты. Алла таала “Силердин билбегениңерди мен билем,” – деп алгачкы адам жана алгачкы пайгамбар азирети Адамды топурактан жаратты. Андан кийин ага жан берди.

Алла таала азирети Адамга бардык нерсенин аталышын үйрөттү. Күнгө күн, топуракка топурак, шамалга шамал, гүлгө гүл, кушка куш деп айтканды үйрөттү. Дүйнөдө канча зат болсо, бардыгынын аттарын азирети Адам үйрөндү. Алла таала буларды периштелерге үйрөткөн эмес эле. Азирети Адамды жана андан тарала турган адам баласын башка жандуулардан жогору кылып жаратты. Жаратканыбыз азирети Адамдан ага үйрөткөн заттардын аттарын периштелерге айтышын талап кылды. Азирети Адам бардык аттарды айтканда периштелер Алла тааланын буйругу менен азирети Адамдын бут алдына жыгылышып, анын улуулугун кабылдашты. Бир гана шайтан Алла тааланын буйругуна кулак түрбөдү жана азирети Адамдын өзүнөн жогору турарын кабылдаган жок. Өзүнүн оттон жаратылганын айтып, топурактан жаратылган азирети Адамды өзүнөн төмөн көрдү. Ушундайча ал Алла таалага каршы чыкты. А чындыгында отту да, топуракты да Алла жараткан эле. От топурактан кантип жогору болушу мүмкүн? Азирети Адам топурактан жаратылгандыгы үчүн эмес, Алла таала тарабынан ага акыл менен эрк берилгендиги үчүн улуу болчу.

Алла таала өзүнө каршы чыгып, бой көтөрүп менменсинген жана адамдарды теңине албаган шайтанды кыяматка чейин каргады. Ага адамдар өлүп, кайрадан тириле турган күнгө чейин убакыт берди. Шайтан өкүнүп, кылган катасынан улам кечирим сурагандын ордуна кайра текеберлик кылды. Алла таалага моюн толгоп, өзүм билемдик кылганын улантты Адамдарды жакшылык кылуудан айнытып, ар кандай сулуулук-ырыскылардан алыстатуу үчүн колунан келгенин кыларын айтты. Мына

ушундайча шайтан бардык жакшылык-сулуулуктардын душманы болуп калды.

Алла таала азирети Адамдан кийин Обону жаратты. Аны азирети Адамга жубай кылды. Андан кийин аларды бейиш багына киргизди. Аларга көптөгөн жемиш бактардын ичинен бирөөнү көрсөтүп, анын мөмөсүн жегенге тыюу салды. Ошону менен катар эле шайтандын адамдарга душман экенин, андан болушунча алыс туруулары керек экенин эскертти.

Шайтан болсо аларга тыюу салынган жемиш багынын мөмөсүнөн жешсе эч качан өлбөй турганын айтты жана аларга ошентип алдап тыюу салынган дарактын мөмөсүнөн жедирди. Азирети Адам менен Обо шайтанга азгырылып туура эмес иш кылышканын түшүнүшүп абдан өкүнүштү. Шайтандын тузагына түшкөндүктөрү үчүн ал сыяктуу өмүр бою жаман болуудан жана тозокко кирүүдөн тынчсызданышты. Алла таала алардын өкүнүп кайгырышканын көрдү. Келтирген тооболорун кабыл кылды жана аларды бейиштен жер жүзүнө жиберди. Мына ушундайча адамдын жер жүзүндөгү жашоосу башталды.

Азирети Адам менен Обо Алла тааладан өздөрүнө бала беришин тилешти. Алла таала да аларга тукумун уланта турган көптөгөн эркек жана кыз балдарды берди. Ушундайча дүйнөдө адамдын тукуму көбөйө баштады. Азирети Адам өзүнүн балдарына пайгамбар болду. Алла таала аны шайтандын жамандыгынан сактады.

Азирети Адамдын балдарынын ичинен Абыл жана Кабыл аттуу эки бир тууган Алла таалага бирден курмандык арнашат. Абылдын курмандыгы кабыл болот, Кабылдын курмандыгы болсо кабыл болбойт. Шайтан Кабылдын жүрөгүнө бир туугана карата көрө албастык жана жек көрүп кек сактоо сезимин пайда кылат. Акырында Кабыл бир тууганын өлтүрүп коёт. Ошентип жер үстүндө биринчи жолу кан төгүлөт. Шайтан бул кылган ишине абдан сүйүнөт. Кабыл бир тууганынын сөөгүн эмне кылышты билбей алдастап калат. Анан бир карганын өлгөн бир карганы жерге көмүш үчүн буттары менен жерди тырмалап жатканын көрөт. Кабыл мен да ушундай кылсам болот болуш керек деп ойлойт. Жерди казып бир тууганы Абылды ал жерге көмөт. Ошол күндөн тартып өлгөн кишилердин бардыгы жерге көмүлө баштайт.





Бир күнү карылыгы жетип калган азирети Адам ата да бул дүйнө менен коштошот. Анын сөөгүн да кара жерге жашырышат.

Азирети Адам жаратылган эң алгачкы киши жана адамзаттын атасы болгон. Биринчи жолу кийим деген нерсени ал кийген. Жерди алгачкы жолу ал айдаган, эгин эгип, оруп жыйган. Билген нерселерин балдарына үйрөткөн. Аларды бири-бирине жакшылык кылууга, жакшы кишилер болууга жана ар дайым бири-бири менен саламдашууга үгүттөгөн.

Азирети Адам биздин алгачкы пайгамбарыбыз жана анын жашоосу тууралуу ыйык Куранда толук маалымат берилет.

## *Нухтун кемеси*

Арадан көптөгөн жыл өттү. Азирети Адамдан кийин адамдардын саны көбөйүп, жер жүзүнө жайылды. Өздөрүнчө коомчулук түзүп жашай башташты. Адамдар мезгилдин өтүшү менен пайгамбарлардын көрсөткөн жолунан чыгышып, таш бурkandарга сыйына турган болушту. Өз колдорунан жаралган таш буркандарга теңир дешип, аларга тооп кыла башташат. Азирети Адамдын балдары экенин унутушчу болушту. Колунда байлыгы бар, чиренип пейил күткөн кишилер колунда жок алсыз-жакырларды эзе башташты. Жүрөктөрү карарып, боорукердик, кайрымдуулук өңдүү жылуу сезимдери жоголуп, таш боор болуп калышты. Кыскасы коомчулуктун ынтымагы ыдырап, бейпилчилик бузулуп, адамдардын арасында чыр-чатактар көбөйө баштады. Алла таала ошол коомчулуктун ичинен азирети Нухту тандап, пайгамбарлык милдетин жүктөйт. Азирети Нух эч кимге адилетсиздик кылбаган, бардык адамдардын ишенимине жана урмат-сыйына ээ болгон киши эле. Жардамга муктаж кишилерге колунан келген жардамын көрсөтүп, туура деп билген нерсесин тартынбастан айтчу экен.

Азирети Нух пайгамбар болгондон кийин коомчулукту Алла таалага ишенүүгө жана бир гана Ага кулдук уруп тооп кылууга үндөдү. Өзүнүн бир эскертүүчү экенин, Алла таалага жакпаган иштерди кылууну уланта беришсе, тынч жана бейкут жашоого жете алышпай турганын айтты. Адамдар азирети Нухтун бул чакырыгына ишенишкен жок, анысы аз келгенсип ага ишенген

адамдарды шылдыңдашты. Ага "Сен да биз сыяктуу эле бир кишисиң, сага эмнеге ишенмек элек?" – деп айтышты. Канчалык көп аракет кылганына карабастан Алла таала жолуна өтө аз кишини түшүрө алды. Ал эми калгандары таш буркандарга сыйынуу, жамандык кылуу сыяктуу баштагы көнгөн адаттарын уланта беришти. Алла таалага ишенбегендер азирети Нухту жинди деп ойлошту. Анын чакырыгына колдорунан келишинче тоскоол болууга аракет кылышты. Нух пайгамбарга жана ага ишенгендерге карата жасаган басмырлоолорун күчөтүшүп, акырында аларды өлтүрөбүз деп коркута башташты. Нух пайгамбар болсо сабырдуулук менен элин туура жолго үгүттөсүн уланта берди.

Бирок бул аракеттер шаардын аксөөктөрү менен байларынын жедеп музга айланып калган жүрөктөрүн жибите албады. Алар адаттарынча эле Алланы тангандыктарын токтотушпады. Нух пайгамбар алаканын жайып, Аллага мындай деп жалбарды. "Оо, Жаратканым! Менин сөздөрүмдү төгүнгө чыгарып жатышат, мага жардам кыл!" Муну уккан тануучулар Нух пайгамбарга "Кана көрөлүчү, жардам сураган Раббиң бизди жазаландыра алабы?" – деп текеберленишти. Нух пайгамбар менен ага ишенгендерге көрсөтүлгөн кордук-запкылар адам чыдагыс абалга келген эле. Ушул себептен Нух пайгамбар: "Оо, Раббим! Мени жана ыйман келтиргендерди куткар!" – деп дуба окуду. Алла таала Нух пайгамбарга бир кеме жасашын билдирди. Ошол күнгө чейин эч кеме жасалбагандыктан кеме жасаганды эч ким билчү эмес. Алла таала Нух пайгамбарга кеме жасаганды үйрөттү. Токойдон дарактарды кесип алып келип, бир чоң кеме жасады. Алла таала кеме жасалып бүткөндөн кийин азирети Нухка ал кемеге ыйман келтиргендерди түшүрүшүн буюрду. Ошону менен бирге эле ушул кемеге ар бир жаныбардан бирден жуп алышын да эскертти. Алланы тангандар жакындап келе жаткан улуу алааматты түшүнүшкөн жок. Эртеси күнү көк жүзүн кара булут каптап, күн күркүрөп, чагылган чартылдап, асман жердин ортосу алай-дүлөй түшүп калды. Көп узабай чакалап куйгансып нөшөрлөп жамгыр жаай баштады. Жамгыр бир дем дагы токтобостон күнү-түнү жаай берди. Анан көлдөр

толкуп, деңиздер ташып, тоолор көчүп, сел жүрүп анык алаамат башталды. Акты тангандар тоолорду көздөй качышты. Бирок баары бир табияттын кырсыгынан кутулуп кете алышкан жок. Жамгыр ушунчалык көп жаады дейсиң, жер үстүндө бир карыш топурак көрүнбөй бардык жерди топон суу каптады. Нух пайгамбардын кемесин кемсинтишип, теңирин тааныбагандардын бардыгы суура чөгүп өлүштү.

Анан көптөн бери күнү-түнү тыным албай нөшөрлөп жааган жамгыр токтоп, асманды чүмкөгөн кара булуттар тарай баштайт. Канча күндөн бери жүзүн булут каптаган күн жер жүзүнө жылуу мээримин төгүп ааламды баштагыдай нурга бөлөйт. Ал эми Алла таала өзүнө ишенген бир ууч адамды бул алааматтан куткарган эле.

Ошентип, убакыттын өтүшү менен суулар акырындап тартылып, тоолор, кокту-колот өрөөндөр кайрадан көрүнө баштады. Жер жүзүндө жаңы бир жашоо башталат. Ушул себептен азирети Нух адамзаттын азирети Адамдан кийинки экинчи атасы болуп эсептелип калат.

Азирети Нух да биздин пайгамбарыбыз. Эң алгачкы кемени ал жасады жана анын жашоо таржымалы ыйык Куранда кеңири баяндалат.

## *От ичинде гүл бакча*

Азирети Нухтан кийин адамдар жер жүзүндө кайрадан көбөйүштү. Жаңы-жаңы шаарлар салышып, өздөрүнчө коомчулук түзүп жашай баштады. Анан алар арадан убакыттар өткөн сайын пайгамбарлардын аларга көрсөткөн жолунан чыгышып, пейилдери бузулуп, Алла тааланы танып башка нерселерге сыйына башташты. Алла таала адамдарга улуу динин унутпоолору үчүн бир нече пайгамбар жиберди. Ошол пайгамбарлардын бири – азирети Ибрагим. Ал бүгүнкү күндө бир бөлүгү Анатолия чөлкөмүндө орун алган Бабил өлкөсүнүн элине пайгамбар катары жиберилди. Бул өлкөнүн калкы күнгө, айга, жылдыздарга жана өз колдору менен жасашкан буттарга кулдук уруп сыйынышар эле.

Азирети Ибрагим али пайгамбар боло элек кезинде түнкүсүн

асмандагы ай-жылдыздарга карап "Адамдар буларды эмне себептен теңир катары көрүп сыйынышат?" – деп өз алдынча ой жүгүртөт. Түнкүсүн көктө жанган жылдыздар менен ааламдын көркү болгон ай күн чыкканда жоголуп кетишет. "Бир көрүнүп, бир көрүнбөгөн ай менен жылдыз менин теңирим боло албайт" – дейт. Басса-турса оюнан кетпейт. Бир күнү таң атпай туруп күндүн чыгышын карайт. Күн өзүнүн көз тайгылткан сулуулугу менен тээ алыскы кыйырынан жаркырап чыга келет. Эртеден кечке күндүн кыймылын акмалап отурат. Ал дагы белгилүү бир убакыттан кийин жердин башка бир кыйырынан акырындап батып кетет. Ибрагим күндүн да адамдардын теңири боло албастыгын ойлойт. Адамдардын ишенимдерин түшүнө албай кыйналат. Бардык нерсени; атап айтканда, адамды, күндү, айды жана жылдыздарды жараткан улуу бир жаратуучу болуш керек дейт. Көп убакыт булар тууралуу ой жүгүртөт. Анан акырында ааламдын жаратуучусу болгон Аллага ыйман келтирет.

Ибрагим пайгамбар жайдары мүнөздүү, жакшылык кылганды сүйгөн, пейли кенен жоомарт бир киши болгон. Конок тосуп, аларды сыйлоону жана жакырларга жардам берүүнү абдан жакшы көргөн. Алла таала мурунку пайгамбарлар сыяктуу эле Ибрагимди жана ал жашаган коомчулукту жакшы жолго үндөп, жамандыктардан алыс болууга чакырат.

Азирети Ибрагимдин атасы бутка сыйынар эле. Атасынын бул абалы аны абдан ойлондурчу. Бир күнү атасына "Сүйүктүү атаке, укпаган, көрбөгөн жана сага эч кандай пайдасы болбогон бул буттарга эмнеге сыйынасың? Андан көрө Аллага ыйман келтир, Алла бирөө гана, анын түгөйү жана окшошу жок," – дейт. Атасы уулунун бул сөздөрүнө ачууланып: "Сен биздин теңирлерибизди кантип танасың?" – деп уулун үйүнөн кууп чыгат. Азирети Ибрагим атасынын бул орой мамилесине карабастан Алла тааладан атасынын жаңылыштыктарын кечиришин жана ага туура жолду көрсөтүшүн суранып дуба окуйт.

Ибрагим пайгамбар тажабастан жана чарчап-чаалыктым дебестен коомчулукка бир гана Алла таалага сыйынуулары керек экендигин түшүндүрөт.

Бабил өлкөсүнүн падышасы Немрут абдан ырайымсыз бири


болгон. Эл андан коркcондуктан Ибрагим пайгамбардын чакырыгына көңүл буруп, кулак төшөөдөн тартынышар эле. Бир күнү азирети Ибрагим Немруттун алдына барып аны Алла таалага ишенүүгө үндөдү. Немрут ашкан текеберчилик мамиле менен "Бул өлкөнүн кудайы менмин. Сенин кудайың да ким болуп кетиптир?" – дейт. Ибрагим пайгамбар "Менин жаратканым – Алла. Ал бардык адамдарды өлтүрөт жана кайрадан тирилтет," – деп айтты. Бул сөздөрдү уккандан кийин Немрут өлүм жазасына тартылган эки кишини алдырып келди. Аскерлерине күнөөкөрлөрдүн бирөөнү өлтүргүлө, тигинисин болсо коё бергиле деп буюрду. Аскерлер дароо ошол эле жерде күнөөкөрлөрдүн бирөөнү өлтүрүп, экинчисин коё беришти. Немрут азирети Ибрагимге кайрылып "Мына, көрдүңбү? Мен дагы кааласам өлтүрөм жана тирилтем," – деди. Бул сөздөрдөн кийин азирети Ибрагим "Менин Жаратканым күндү чыгыштан чыгарат. Эгер күчүң жете турган болсо сен аны батыштан чыгарчы," – деди. Немрут бул сөздөргө эмне деп жооп кайтарарын биле албады. Бирок баары бир Аллага ыйман келтирген жок.

Бабил шаарында буттар жайгашкан чоң сыйынуучу жай бар эле. Элдер бул жерге келишип, буттарга ар кандай белектер тартуулашып, аларга тилектеринин орундалышы үчүн жалбарып дуба окушчу. Бир күнү Ибрагим пайгамбар кандайдыр бир оюн-зоок өтүп жаткан маалда көпчүлүктүн көзүнө чалдыкпай жашыруун түрдө ошол сыйынуучу жайга кирет да колундагы балтасы менен бир чоң буттан башка бардык буттарды бирбирден талкалап таштайт. Андан соң балтасын ошол чоң буттун мойнуна илип, эч кимге көрүнбөстөн сыйынуучу жайдан чыгып кетет. Бабил эли оюн-зоок аяктагандан кийин сыйынуучу жайга келишип, көргөн көздөрүнө ишенишпей кымкуут түшүп калышат. Анан муну кимдин жасаганын ойлоно башташат. Азирети Ибрагимдин буттарга ишенбегенин билишкендиктен андан шек санашат. Аны дароо сыйынуучу жайга чакырышып "Бул жайдагы буттарыбызды сен талкаладыңбы?" – деп сурашат. Ибрагим "Мынабу мойнунда балта илинип турган сөлөкөт талкалап жүрбөсүн? Ушундан сурайлычы, балким бул кимдин талкалаганын көрсө керек," – деп жооп берет. Ал жердегилер

мындай күтүлбөгөн жоопко таңыркашып, бир бутту карап, бир Ибрагимди карап туруп калышат. Анан араларынан бирөө: "Ибрагим сен бизди шакаба чекпе. Булардын жансыз экенин сен да билесиң. Көрбөйт, сүйлөбөйт. Ал кайдан билмек эле?" – дейт. Мына ушундан кийин азирети Ибрагим "Андай экен көрбөгөн, сүйлөбөгөн, ал тургай өзүн коргогонго да жарабаган бул жансыз буттарга эмне үчүн сыйынасыңар? Андан көрө бүткүл ааламдардын жаратканы болгон улуу Аллага ишенгиле," – деп айтат. Ибрагим пайгамбардын бул сөздөрү тегерегиндегилерге абдан катуу таасир этет. Бул окуя элдин арасында жайыла баштайт. Кээ бирөөлөрү Аллага ыйман келтирип, буттарга сыйынуудан баш тартышат. Немрут бул окуяларды укканда абдан ачууланат. Ибрагимди өлтүрбөй туруп андан биротоло кутула албай турганын түшүнөт. Адамдарды коркутуп, жүрөктөрүнүн үшүн алып коюу үчүн аны өрттөп өлтүрүүнү чечет. Өрттөө үчүн топтоткон отундарды шаардын чок ортосундагы ачык аянтчага тоодой кылып үйдүрөт. Ибрагим пайгамбар өзүн Алланын коргой турганын билчү. Немрут падыша болсо балким оттон коркуп, өз ишениминен баш тартар деген ой менен азирети Ибрагимди карайт. Бирок ал камырабастан өзүнө тике карап турган болот. Калың эл жагылган оттун айланасына чогулгандан кийин падыша Ибрагим пайгамбарды алоолонуп күйүп жаткан оттун ортосуна ыргыттырат. Ошол кезде бардыгы дем чыгарбай аны карап калышат. Анан азыр эле алоолонуп күйүп жаткан оттун бир заматта гүл бакчага айланып кеткенин көрүшөт. Бул керемет окуяны көрүшкөндө Аллага ишенгендердин көздөрүнөн бакыттын нуру чачырайт, ал эми Немрут менен кошо Акты тангандардын тилдери күрмөөгө келбей калат. Анткени, Алла открыть Ибрагимди күйгүзбөөнү буюрган эле. Демейде бардык нерсени күйгүзгөн от Ибрагимге келгенде аны өрттөмөк тургай тескерисинче ага салкын гүл бакча болуп берет. Азирети Ибрагим болсо ага көргөзгөн бул кереметі үчүн Жаратканына чын жүрөктөн ыраазычылыгын билдирет.

Бул кереметтен кийин Акты тангандардын кайрадан жамандык кылууга дити барган эмес.

Кийинчерээк азирети Ибрагим адамдарды Алла тааланын





жолуна үгүттөө үчүн туулуп өскөн мекенин таштап, Меккеге көчүп барат. Ал жерде Исмайил жана Искак аттуу эки уулдуу болот. Алла таала Исмайил менен Искакты да пайгамбар кылып милдеттендирет.

Меккеде азирети Ибрагим алгачкы ирет азирети Адам тарабынан салынган Каабаны уулу Исмайил менен бирге ошол эле жерге кайрадан салат.

Андыктан азирети Ибрагим менен уулу азирети Исмайил да биздин пайгамбарыбыз болуп саналат. Алардын жашоо таржымалы ыйык Куранда эң сонун баяндалган.

## *Жусуп*

Жакып пайгамбар азирети Ибрагимдин небереси болгон жана ал Кенан өлкөсүнө жиберилген пайгамбар эле. Жакып пайгамбардын он эки уулу болгон. Жусуп он биринчи уулу болгон, ал эми эң кичүү уулу Бүнямин эле.

Жусуп абдан сүйкүмдүү бир бала болгон. Эл ичинде ал өңдөнгөн өзгөчө сүйкүмдүү балдар аз болгон. Жусуп али кичине кезинде эле энесинен ажырап калгандыктан атасы Жакып ага дагы көбүрөөк көңүл буруп убакыт бөлгөн. Жусуп өзү да абдан жанга жакын бала болгондуктан элдин баары аны жакшы көрүшчү. Ал эми анын өгөй бир туугандары атасынын Жусупка көбүрөөк көңүл бурганын кызганышар эле.

Жусуп күндөрдүн биринде бир кызык түш көрөт. Түшүндө он бир жылдыз жана күн менен айдын анын алдында ийилишип кулдук уруп жатканын көрөт. Көргөн түшүн атасына айтып берет. Атасы Жакып бул түштөн абдан таасирленет жана кубанганынан көзүнө жаш тегеренип, уулун бооруна кысат. Келечекте анын пайгамбар болорун түшүнөт. Атасы Жусупка көргөн түшүн бир туугандарына айтпашы керектигин катуу эскертет. Себеби тигил уулдарынын Жусупка жамандык кылышы мүмкүн экендигинен тынчсызданат. Ушул себептен аны жанынан карыш чыгарчу эмес жана эч кимге да аманат кылып таштабайт эле.

Арадан белгилүү бир мезгил өткөндөн кийин агалары Жусуптун бул түшүн угуп калышат. Анан, ого бетер ичтери күйүп кызгана башташат. Акырында баары чогуу тымызын сүйлөшүп

Жусуптан ушунчасында кутулууну ойлошот. Өз араларында жашыруун түрдө план түзүшөт. Бир күнү бардыгы бирге токойго барып көңүл ачып келүү үчүн атасынан уруксат сурашат. Азирети Жакып Жусупту аларга кошуп жибергиси келбейт. Бирок уулдары “Атаке, биз көп эле кишибиз го. Эмне, ушунчабыз жалгыз Жусупту карай албай калмак белек? Сизден суранабыз, бардыгыбыз чогуу-чаран барып көңүл ачып келели,” – деп суранып туруп алышат. Атасы айласы жок Жусупту да жиберет. Бир туугандар баары бирге жолго чыгышып, үйдөн биртоп эле алыстап кетишет. Эми Жусуптан кутулса болот дешип, бир туугандары аны эч аяшпастан кудукка салып жиберишет. Жусуп кудуктун боорундагы бир ташты карманып, сууга чөкпөй аман калат. Ал эми бир туугандары Жусупту өлдү дешип, ал тууралуу атасына эмне деп жооп айтышарын ойлонушат. Акырында токойдон атып алышкан бир улактын канын Жусуптун көйнөгүнө шыбашып, канга боёлгон көйнөктү көтөрүп алышып, үйлөрүнө ыйлап келишет. Анан атасына “Атаке, биз оюнга алаксып калганда инибизге карышкыр кол салган экен. Аябай аракет кылдык, бирок аны куткара алган жокпуз. Ушул канга боёлгон көйнөгүн гана таба алдык,” – деп калп айтышат. Азирети Жакып көйнөктү карап эч кандай жыртык көрө албагандыктан уулдарынын Жусупка бир жамандык кылышканын аңдайт. Алардын жүздөрүнө да карап койбостон жанынан алыс кетүүлөрүн талап кылат. Көзү жашка толуп, көкүрөгү муңга толуп, жалгыз Жусубун ойлоп жүрөгү сыздайт.

Жусуп кудуктун ичинде чарасыз отурганда Мисирге кетип бара жаткан кербенчилер аны байкап калышып, кудуктан чыгарышат. Мисирге келишкенде кербенчилер Жусупту Мисир уваздиринин үйүнө кызматчы кылып киргизип коюшат. Ошентип Жусуп бул жерде жашай баштайт.

Жусуп эр жетип мурункудан да ажардуу жигит болуп чыга келет. Увазирдин аялы Жусуптун сулуулугуна суктанып, ага ышкысы түшүп калган эле. Үйдө эч ким жок кезде Жусупка жакындап, ага адеп-ахлакка туура келбеген нерселерди сунуш кылат. Бирок Жусуп анын бул ахлаксыз сунуштарын кабыл албайт. Анткени, ал адеп-ахлактуу бир киши болгон. Увазирдин аялы өзүнүн айла-амалынын ишке ашпай калганына ичи күйүп,

Жусупту күйөөсүнө жамандап, аны ак жерден каралап зынданга салдырат.

Жусуп көптөгөн жыл суук зынданда жатат. Алла таала ага түш жоруганды үйрөтөт. Зындандагы жолдошторунун түштөрүн жоруйт. Жусуптун жоруган түштөрү да туура чыгар эле. Анан Алла таала аны адамдарды туура жолго үгүттөп, жакшылыкка багытташы үчүн пайгамбар кылып милдеттендирет.

Бир күнү Мисир өкүмдары түшүндө жети арык уйдун жети семиз уйду жеп койгонун көрөт. Анан да жети жашыл арпанын жанында жети куураган арпа чөбү туруптур. Бул түштү Мисирдегилердин ичинен эч ким жоруй албай коёт. Зынданда жатканда Жусупту тааныган бир киши өкүмдарга анын түштү туура жоруй турганын айтат. Өкүмдар түшүн жорутуш үчүн аны дароо зындандан чыгартат. Жусуп пайгамбар жакынкы жылдарда абдан катуу ачарчылык болорун жана ал үчүн азыртадан алдынала чара көрүү керек экендигин айтат. Өкүмдар өлкөнү кыйын күндөр күтүп тургандыктан азирети Жусупту казынадан жооптуу кызматкер кылып дайындайт.

Жусуп пайгамбар жети жылга созулган берекеттүү жылдарда дан азыктарынын бир бөлүгүн атайын кампага жыйдырып сактатат. Сегизинчи жылга келгенде дүйнө жүзүндө абдан катуу ачарчылык башталат. Коңшу өлкөлөрдөн адамдар Мисирге азык-түлүк сатып алыш үчүн агылып келе башташат. Азирети Жусуптун аталаш бир туугандары да баарынан эң кичүүсү болгон Бүняминди атасынын жанына таштап, Мисирге азык-түлүк алууга келишет. Бир туугандары азирети Жусупту тааный алышпайт, бирок Жусуп пайгамбар аларды дароо таанийт. Аларга кийинки келгенде бир тууганы Бүняминди ала келишин, болбосо азык бербей турганын айтат. Берген азык-түлүгүнүн акчасын да аларга кайтарып берет. Бир туугандары Мисирге экинчи жолу келишкенде Бүняминди да ала келишет. Азирети Жусуп бир тууганы Бүнямингe башынан өткөргөндөрүн айтып берет жана аны абдан сагынгандыктан кайра-кайра кучактайт. Бүняминди Мисирде алып калуу үчүн атайын план түзөт. Бир туугандары шаардан чыгыша электе өкүмдардын баалуу бир буюмун Бүняминдин куржунуна салдырып коёт. Эртеси күнү бир

тугандары жолго чыкканда бир сакчы аларды жолдо токтотуп куржундарын текшерет. Бүняминдин куржунунан өкүмдардын жоголгон буюму табылат. Ушул себептен Бүняминди шаардан чыгарбай кармап калышат. Бир тугандары канчалык аракет кылышса да, аны бошото алышпайт. Айла жок Бүняминди Мисирге таштап үйлөрүнө кайтышат. Баштарынан өткөндөрдү атасына айтып беришет. Азирети Жакып уулу Жусупту жоготкону аз келгенсип, эми Бүняминден ажыраган эле. Кайгыдан ыйлай берип, алгыр көздөрү эми көрбөс болот. Ошентсе да балдарынан үмүтүн үзбөй “Менин сабыр кылышым керек. Алла таала бир күнү мени сөзсүз уулдарым менен жолуктурат. Ал бардык нерсени билет,” – деп өзүн-өзү жубатат.

Арадан кыйла мезгил өткөндөн кийин бир тугандары Бүнямин үчүн кайрадан Мисирге барышат. Жусуп пайгамбардын алдына барышып, Бүняминди кечирип, аны бошотушун суранышат. Жусуп пайгамбар “Силер иниңер Жусупка эмне кылдыңар эле?” – деп сураганда, алдастай түшүшкөн агалары “Же сен Жусупсуңбу?” – деп сурашат. Ичтеринен тынчызданып корко башташат. Бирок азирети Жусуп өзүнө жамандык кылган агаларын кечирет. Аларга: “Көйнөгүмдү атама алып баргыла, ал мени жытымдан тааныйт,” – деп көйнөгүн берип, аларды жолго салат. Жакып пайгамбар уулу Жусуптун көйнөгүн көкүрөгүнө коюп, кайра-кайра жыттайт. Анан уулунун көйнөгү менен жүзүн, көзүн сылайт. Мына ошондо кудуреттүү Алла таала анын сабырдуулугуна жооп катары нуру соолгон көздөрүнө кайрадан нур берет. Бардыгы чогуу Мисирге барышат. Азирети Жусуп атасына: “Атаке, мынакей, бир мезгилдерде көргөн түшүмдү Алла таала чындыкка айландырды Кудайга шүгүр,” – дейт.

Жусуп пайгамбар көптөгөн жыл Мисирде адамдарга адилеттүү түрдө бийлик жүргүзөт. Аларга пайгамбар жана жол көрсөтүүчү болот. Калкты дайыма жакшылыкка жана сулуулукка үндөйт.

Азирети Жакып жана азирети Жусуп да биздин пайгамбарыбыз. Алардын жашоо-турмушу тууралуу ыйык Куранда кеңири маалымат берилет.

## *Суудагы бир бөбөк – азирети Муса*

Жакып пайгамбардын тукумунан болгондорго Израил уулдары делет. Алар азирети Жусуптан кийин Мисирге отурукташышат жана жыл өткөн сайын саны артып көбөйө беришет. Мисирди башкарган фараон Израил уулдарына адилетсиздик көрсөтүп, аларга алдыңкы таптын өкүлдөрү сыяктуу мамиле кылчу. Фараон бир күнү түшүндө кандайдыр бир от келип, отурган тагын жер менен бир кылып күлгө айлантканын көрөт. Бул жаман түштү фараондун айланасындагылар Израил уулдарынан төрөлө турган бир эркек бала келип, аны тагынан түшүрөт деп жорушат. Анан ошол жылы туулган эркек балдардын бардыгын фараондун буйругу менен аёосуз түрдө өлтүрө башташат. Муса ошол жылы туулган балдардын бири эле. Энеси уулу Мусанын өмүрүн куткарыш үчүн эмне кыларын билбей карбаластап жатканда, Алла тааладан ага мындай аян келет: “Аны эмиз. Кандайдыр бир балээ келет деп корккон кезиңде аны бешигине бөлөп, сууга салып жибер. Кайгырба, коркпо. Анткени, биз аны сага кайра кайтарып беребиз.”

Энеси али ымыркай Мусаны тойгончо эмизет. Анан сүйүктүү бөбөгүн акыркы жолу жыттап сүйүп, Алла таалага аманат кылып, бешигине бөлөп туруп Нил дарыясына салып жиберет. Мусанын эжеси али кичине эле. Ал бешик менен чогуу сууда агып бара жаткан инисин акмалап, суу бойлоп жүрүп отурат.

Дарыянын агымы менен бешик фараондун сарайынын тушуна чейин келет. Фараондун аялы Асийе дарыянын жээгинде сейилдеп жүрүп, сууда агып бара жаткан бешикти байкап калат. Бешикти жээкке чыгарып, үстүндөгү жабуусун ачканда, татынакай бир бөбөктүн уктап жатканын көрөт. Баланы дароо кучагына алып, ары бери имерип карайт. Анан баланы көрүп, өз баласы сыяктуу эт жүрөгү эзилип, энелик сезими козголуп кетет. Баланы алып алып күйөөсү фараондун жанына барып, андан анын жанын өзүнө багыштоосун суранат. Фараон макулдугун бергенден кийин Муса алардын балдары сыяктуу эле сарайда жашай баштайт. Эми балага эмчек эне керек болот. Бирок бала ал тегеректеги бир да аялдын эмчегин эмбей коёт. Мусанын эжеси аны эмгизе ала турган бир аялды таанырын айтып, өзүнүн



энесинин чакырылышына себеп болот. Абалды уккан Мусанын энеси сарайга барып, баланын эмчек энеси болгусу келгенин айтат. Бул жолу бала өз энесинин эмчегин эме баштайт. Мына ушинтип Муса фараондун сарайында өз энесинин жанында чоңоё баштайт. Муса чоңойгондо фараондун сарайынан кетип, азирети Шуайптын журтуна барат жана ал жерде белгилүү бир убакытка чейин кой кайтарып жүрөт. Чынчылдыгы жана адеп-ахлактуулугу менен айланасындагы адамдарга жагат. Ал жерде жүрүп Шуайп пайгамбардын кызы менен үйлөнөт.

Муса колуктусу менен бирге Мисирге кайтууну чечет жана ошентип жолго чыгат. Алар Тур тоосуна келишкенде, Мусага Алла тааладан вахий (аян) келет. Вахийде Муса пайгамбар катары милдеттендирилген эле. Кудуреттүү Алла таала азирети Мусага фараонго барып чыныгы динди түшүндүрүшүн буюрат.

Азирети Муса өзү сыяктуу пайгамбар болгон агасы азирети Харунду алып алып фараонго барат. Азирети Муса аны Алла тааланын бар жана бирөө экендигин таануууга жана бир гана ага кулдук кылууга чакырат. Ошондой эле андан мындан ары Израил уулдарына жамандык кылбоосун өтүнөт. Бирок фараон Мусанын бул чакырыгын кабыл албайт. Андан пайгамбарлыгын далилдеш үчүн кандайдыр бир керемет көрсөтүшүн талап кылат. Азирети Муса колундагы таякты жерге таштаганда таяк бир чоң жылаанга айланат. Фараон муну кандайдыр бир сыйкыр деп ойлоп, дароо сыйкырчыларын чакырып, аларга: “Дароо Мусанын сыйкырларын жок кылгыла,” – деп буйрук берет. Сыйкырчылар болгон өнөрлөрүн көрсөтүшөт. Бирок Мусанын таягы ага каршы жасалган бардык сыйкырлардын таасирин жок кылат. Сыйкырчылар азирети Мусанын кылгандарынын сыйкыр эмес бир керемет экендигин түшүнүшкөндөн кийин Аллага ыйман келтиришет. Бирок фараон ыйман келтирүүдөн баш тартат. Азирети Муса элин алып Мисирден чыгып кетүүгө чечим кылат. Мындан кабар алган фараон аларды жок кылуу үчүн аскерлери менен алардын аркасынан кууп келип, Кызыл деңиздин жээгине келгенде аларга жетет. Азирети Муса кудуреттүү Алла тааладан жардам сурап жалбарат. Алла таала анын колундагы таягын деңизге тийгизишин буюрат. Азирети Муса таягын деңизге тийгизгенде Кызыл деңиз чарт экиге бөлүнүп кетет. Азирети Муса

эли менен деңиздин ортосундагы бул жол аркылуу тигил жээкке аман-эсен өтүп кетишет. Фараон жана аскерлери да бул жолдон өтүү үчүн киришкенде деңиз кайрадан биригип кетет. Фараон менен аскерлери деңиздин толкундарынын ичинде калып чөгүп кетишет. Мына ушундайча Алла таала өзүнө ишенгендерди аны тангандардын жамандыктарынан сактайт.

Азирети Муса өмүр бою элинин бир гана Алла таалага ишенип, ага сыйынууларын жана Ага орток башка сыйынуучу издебешин талап кылды.

Азирети Муса да биздин пайгамбарыбыз. Анын жашоо-таржымалы ыйык Куранда эң сонун баяндалган.

## *Темир уста – азирети Дөөтү пайгамбар*

Алла таала азирети Дөөтүнү пайгамбар кылып милдеттендирет жана ага китеп катары Забурду жиберет. Ал жагымдуу мукам үнү менен таанымал болгон. Ушул себептен айрым түрк элдеринде үнү жакшы кишилерди дөөтү үндүү деп айтышат. Азирети Дөөтү жан дүйнөнү жайгарган мукамдуу үнү менен дуба окуганда, аны уккан жандар өзгөчө таасирленишип, дем чыгарбай кулак төшөп тыңшап калышчу экен.

Алла таала адамдарга жиберген пайгамбарларына диний маалыматтарды гана эмес, күндөлүк турмуштары менен байланыштуу өнөр-билимдерди да үйрөткөн. Алла таала азирети Дөөтүгө колунан көөрү төгүлгөн темир устачылыкты үйрөткөн. Азирети Дөөтү адам коомундагы алгачкы темир уста болуп саналат. Ушундан улам азирети Дөөтүнүн эли душмандары менен согушканда темирден токулган зоот кийимдер кийишип өздөрүн коргошкон.

Азирети Дөөтү да биздин пайгамбарыбыз болот. Анын өмүрбаяны тууралуу ыйык Куранда кеңири маалымат берилген.

## *Куштардын тилин билген пайгамбар – азирети Сулайман*

Алла таала азирети Дөөтүдөн кийин азирети Сулайманга пайгамбарлык милдетин тапшырган.

Азирети Сулайман Алла тааладан жогорку бир даража берүүсүн өтүнөт. Алла таала да анын дубасын кабыл кылып, ага жаныбарлар менен канаттуулардын тилин үйрөтөт жана ага шамалды жөнгө салуу күчүн да берет. Ошентип ал бардык жандуулардын тилин билип, ошого ылайык өкүм жүргүзгөн бийик даражалуу өкүмдар болуп калган.

Азирети Сулаймандын аскерлеринин арасында канаттуулар да бар эле. Күндөрдүн биринде ал өз колу менен жоого аттанганда Хүдхүд кушу белгилүү мезгил араларынан жок болуп кетет. Кайтып келгенинде аны чакыртып алып, мунун себебин сурайт. Хүдхүд ага Себе өлкөсүн башкарган Белкыс аттуу бир аял өкүмдардан кабар алып келгенин айтат. Ал мезгилде Себе эли күнгө сыйынчу экен.

Азирети Сулайман Белкыска кат жазып, ал аркылуу ага жана элине Алла тааланын бар экендигин жана жалгыздыгын түшүндүрөт. Аларды бир гана Алла таалага сыйынууга чакырат. Белкыс увазирлерин чакыртып катты окуйт жана эмне кылыш керек экендиги боюнча алар менен акылдашат. Увазирлери азирети Сулайманга согуш ачуу керек экендигин айтышат. Согушту каалабаган Белкыс азирети Сулайманга баалуу белектер жөнөтөт. Бирок азирети Сулайман ал белектерин кабыл албай коёт. Ушундан улам Белкыс азирети Сулайманды сарайында зыярат кылып, аны менен сүйлөшүү үчүн жолго чыгат.

Азирети Сулайман Белкыс ага жете электе анын тагын сарайына алдырып келет. Белкыс өзүнүн отурган тагын көрүп абдан таң калат. Анын үстүнө азирети Сулаймандын суунун үстүндөгү көркөмү керемет көз тайгылткан сарайы аны сыйкырлап алган эле. Белкыс адамдарга мындай керемет күчтүн бир гана кудуреттүү жаратуучу тарабынан берилиши мүмкүн экенин түшүнөт. Күнгө сыйынуудан баш тартып, бүткүл ааламдын жаратканы Алла таалага ыйман келтирет.

Азирети Сулайман да биздин пайгамбарыбыз. Анын жашоотурмушу ыйык Куранда эң сонун түрдө баяндалган.

## *Ымыркайында сүйлөгөн Мариям уулу Ыйса*

Азирети Мариям чөйрөсүндө адеп-ахлактуу жана абийирдүү бир аял катары билинген. Ал коомчулукка таанымал болгон Им-

рандын үй-бүлөсүнөн эле. Алла таала Жабирейил периштени адам кейпине киргизип, азирети Мариямга жиберет. Азирети Мариям жанына келген бейтааныш бир эркекти көргөндө андан Алла тааладан коркушун жана өзүнө жамандык кылбашын суранат. Жабирейил болсо ага “Мен Алла тааланын элчисимин. Сага бир эркек бала ыроолоо үчүн жиберилдим,” – деп сүйүнчүлөйт. Бул сөздөрдү угуп ишене албаган азирети Мариям: “Менин күйөөм жок. Адеп-ахлаксыз жаман аял да эмесмин. Кантип менин балам болмок эле?” – деп сурайт. Жабирейил азирети Мариямга: “Ааламдын жаратканы үчүн бул нерсе абдан оңой. Алла таала келечекте төрөлүүчү уулуң Ыйсаны адамдардын бак-таалайы үчүн бир керемет катары жаратты. Анын бардык нерсеге кудурети жетет,” – дейт.

### *Күндөн күн өтүп, айдан ай алмашты*

Азирети Мариям толгоосу жетип төрөй турган мезгили келгенде адамдардан алыс бир жерге барып, бир курма дарагынын түбүндө уулу Ыйсаны жарык дүйнөгө алып келет. Көп өтпөй азирети Мариям жаңы төрөлгөн перзентин бооруна алып, үйүнө кайтып келет. Бирок аны ал жакта абдан катуу сыноолор күтүп жаткан эле. Айланасындагылар азирети Мариямдын күйөөгө тийбей туруп балалуу болушун абдан терс кабыл алышып, ага бузулган адеп-ахлаксыз аял катары карашып, жаман мамиле жасашат. Алар ага: “Мариям, сен абдан уят иш кылдың!” – дешет. Бул сөздөрдү уккан Мариям: “Мен уяла турган нерсе кылган жокмун. Боорумдагы балам Ыйса – Алла тааланын мага ыроологон бир керемет-белеги. Мага ишенбесеңер анын өзүнөн сурагыла,” – дейт. Адамдар үчүн жаңы төрөлгөн ымыркайдын чоң кишилердей болуп так сүйлөшү акылга сыйбай турган иш эле. Бирок ошол мезгилде али ымыркай Ыйса капысынан кандайдыр бир кереметтүү күч менен: “Мен Алла таала тарабынан жиберилген пайгамбармын. Ал мени адамдарга туура жолду көрсөтүшүм үчүн жиберди. Жакшы бир уул болушумду каалады жана мени ар кандай аша чабуулардан алыс кармады. Туулганымда, өлгөнүмдө жана кайрадан тирилтилгенимде Алла таала мага улуу жакшылыктар ыроолойт,” – деп сүйлөйт. Адамдар жаңы төрөлгөн баланын сүйлөп жатканына айран таң калышат.

Анан азирети Мариямды ыксыз күнөөлөгөндөрүн токтотушуп, аны өз эркине коюшат.

Азирети Ыйса эрезеге жеткенде мурунку пайгамбарлар сыяктуу эле адамдарды Алла тааланын бирөө экендигине жана жакшылыкка жанашып, жамандыктардан алыс болууга үндөйт. Анын куттуу чакырыгына ынабаган кишилер ага жана жолдошторуна ар түрдүү жамандыктарды жасашып, иштерине бөгөт болууга аракет кылышат. Бирок Алла таала пайгамбарын жана ишенгендерди Аны тангандардын жамандыктарынан сактайт.

Азирети Ыйса да биздин пайгамбарыбыз болуп саналат. Анын өмүр таржымалы жөнүндө ыйык Куранда абдан кеңири маалымат берилген.





Ыйык Куран – Алланын кереметин
адамдарга бул дүйнөдө көрсөткөн бир
ыйык белги, теңдешсиз үлгү.
Алланын жараткан сулуулуктарын
Куран аркылуу көрөт, мусулман.
Куран аркылуу ой жүгүртүп, Куран
аркылуу түшүнөт.
Жаратылыштын сырдуу казынасына
Куран аркылуу жетет.
Бир караганда бардык китептер анын
жоромолу болуп эсептелет.

ISBN 975193791-4

KİTABIMI ÖĞRENİYORUM
(Kırgız Türkçesi)

Дин иштери башкармалыгынын белеги, акчага сатылбайт.